германия
кызматташтыгы
DEUTSCHE ZUSAMMENARBEIT

Аткаруучу:
giz Deutsche Gesellschaft
für Internationale
Zusammenarbeit (GIZ) GmbH

Кыргыз Республикасынын
Билим берүү жана илим
министрлиги



# 9-класста кесипке багыт берүү

## Мугалимдер үчүн колдонмо

**Чыгарылыш маалыматтары**

**Чыгаруучу**
Deutsche Gesellschaft für Internationale Zusammenarbeit (GIZ) GmbH
Башкы кеңселер Бонн жана Эшборн шаарларында, Германия
“Иш менен камсыз кылууга жана кесиптик окутууга көмөктөшүү” долбоору
Исанов көчөсү, 96
720001, Бишкек, Кыргызстан
T +996 312 90 91 47
F +996 312 90 65 58
giz-kirgisistan@giz.de
www.giz.de
www.giz-employment.kg

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен кызматташтыкта

**Басылып чыккан**
ОсОО "Triada Print"

**Дизайн**
ОсОО “Spark Design and Communication”

2018-жылдын декабрь айына
**карата абалы боюнча**

**Фото/Сүрөттөлүштөр**
GIZ долбоорунун архиви

Бул басылманын мазмуну үчүн GIZ жоопкерчиликте болот

Германиянын экономикалык кызматташтык жана өнүктүрүү боюнча Федералдык министрлигинин (BMZ)
**табыштамасы боюнча**

Киришүү ....................................................................................................................................... 4

## 1-БӨЛҮМ:
## 9-КЛАССТАР ҮЧҮН КЕСИПКЕ БАГЫТ БЕРҮҮНҮН БЕШ ТЕПКИЧТҮҮ МОДЕЛИ

1. Аныктамалар ............................................................................................................ 5

2. 9-класста кесипке багыт берүүнүн концепциясы ............................................................ 7

3. 9-класста кесипке багыт берүү программасынын беш тепкичтүү модели – сүрөттөө ............................................................ 9

4. Беш тепкичтүү модель – окуучулардын кабылдоосу .......................................................... 10

5. Мектептердеги кесипке багыт берүүнүн беш тепкичтүү моделинин алкактык программасынын планы ............................................................ 11

6. Кесипке багыт берүү боюнча портфель .............................................................................. 15

7. Өнөктөштөр менен кызматташтык...................................................................................... 18

8. Чечимдерди кабыл алуу процессинде мугалимдердин ролу .............................................. 20

9. Кесипке багыт берүүдөгү этикалык ченемдер (нормалар) ................................................. 21

## 2-БӨЛҮМ:
## 9-КЛАССТА КЕСИПКЕ БАГЫТ БЕРҮҮ БОЮНЧА СЕМИНАРЛАР

10. 1-тепкич (фаза): Өзүн-өзү таануу ...................................................................................... 23

11. 2- жана 3-тепкичтер: Кесиптер жана билим ...................................................................... 39

12. 4-тепкич: Чыныгы жолугушуулар ....................................................................................... 57

13. 5-тепкич: Чечимдерди кабыл алуу ...................................................................................... 63

# КИРИШҮҮ

## Кыргызстандын билим берүү системасындагы кесиптик билим берүүнүн мааниси

Билим берүү системасынын негизги милдеттеринин бири болуп жаштарды кесип тандоого карата даярдоого, аларга кесиптик өзүн-өзү аныктоодо жана жумушка орношууда жардам көрсөтүүгө багытталган кесипке багыт берүү боюнча программаны жүзөгө ашыруу саналат. Издөөнүн бул процессинде дайыма жаштардын идеалы жана турмуштук пландары менен тыгыз байланышкан болочок ишмердүүлүк жана кесип тууралуу өзөктүү маселелер каралат.

Жаштардын квалификациялык талаптары эмгек рыногунун жана жумуш менен камсыздоо тутумунун (системасынын) өзгөрүүлөрү менен жанашышат. Билим берүү менен эмгек рыногунун ортосундагы талаптар боюнча ажырымдардан улам жаштарга кесипке багыт берүү билим берүү системасынын чечүүчү милдети болуп калды. Буга байланыштуу Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги мектеп окуучулары үчүн кесипке багыт берүү боюнча программаны иштеп чыгуу жана кийирүү тууралуу чечим кабыл алган.

Бул башталышты (демилгени) илгерилетүүдө Эл аралык кызматташтык боюнча Герман коомчулугу (GIZ) ар тараптуу колдоо көрсөтүүдө.

Мектептердеги кесипке багыт берүүнүн негизги элементи болуп окутуунун беш тепкичтүү модели саналат. Окуучуларга мектепте ар кыл кесиптер тууралуу, билим алуунун кийинки мүмкүнчүлүктөрү тууралуу, эмгек рыногундагы жагдай тууралуу кеңири маалыматтарды алуу мүмкүнчүлүгү сунушталат, мындан тышкары, практика жүзүндө ар кыл кесиптер менен таанышуу мүмкүнчүлүгү пайда болгондуктан, алар өз курдаштары менен бирге өздөрүнүн жөндөмдүүлүктөрүнүн чыныгы картинасын алышат.

Ушунун негизинде окуучулар ата-энелери менен биргеликте көксөгөн кесипти тандоо тууралуу чечимди кабыл ала алышат.

Кесипке багыт берүү программасы жаштарга өздөрүнүн кесиптик келечегин ийгиликтүү баштоо жолунда колдоого жана коштоого ээ болууга мүмкүнчүлүк берет.

**Министр** **Г.К. Кудайбердиева**

# 1-БӨЛҮМ. 9-класстар үчүн кесипке багыт берүүнүн беш тепкичтүү модели

## 1. Аныктамалар

Эл аралык тажрыйба жана изилдөөлөр көрсөтүп тургандай, кесипке багыт берүү боюнча терминология бир өлкөдөн экинчи өлкөгө карай гана айырмаланбастан, ошондой эле ар кандай мекемелери бар (лицейлер, иш менен камсыздоо кызматтары ж.б.) ар бир өлкөнүн ичинде да айырмаланып турат, б.а. кесипке багыт берүү боюнча кызмат көрсөтүүчүлөр көпчүлүк учурларда кесипке багыт берүүдө секторлор боюнча адистештирилген терминологияны колдонушат. Бул бир эле терминдин ар башка чечмеленишине жана туура эмес түшүнүүгө алып келиши ыктымал, натыйжада, кесипке багыт берүүнүн натыйжалуулугу төмөндөйт. Ушул себептен улам Экономикалык Кызматташтык жана Өнүктүрүү боюнча Уюм, Дүйнөлүк банк жана Европалык комиссия сыяктуу эл аралык уюмдар кесипке багыт берүү боюнча жалпы терминологияны колдонууну чечишкен. Бул окуу куралында биз кесипке багыт берүү боюнча ELGPN аттуу Эл аралык глоссарийди, аны ***www.elgpn.eu/glossary***, деген шилтеме аркылуу табууга болот, ошондой эле айрым бир башка эл аралык аныктамаларды колдонобуз.

| | |
|---|---|
| **Баалоо** | **Аныктама:** Кесипке багыт берүүдө “баалоо” кардардын кызыгууларын, жөндөмдүүлүктөрүн, баалуулуктарын жана башка жеке иш-билгилигин (компетенцияларын) баалоо процессине тиешелүү. Кесипке багыт берүү процессинде жогоруда сөз болгон мүнөздөмөлөр менен ар бир окуучунун жакшы тааныш болушу өтө маанилүү.<br><br>**Түшүндүрмөлөр:** Баалоо эксперт (кесипке багыт берүү боюнча консультант) тарабынан же өзүн-өзү баалоо боюнча куралдарды пайдалануу менен кардар тарабынан жүргүзүлүшү мүмкүн. Иш билгиликти (компетенцияларды) баалоо көбүнчө кесипке багыт берүү боюнча консультациялоонун бөлүгү катары жүргүзүлөт, бирок аны өзүнчө да жүргүзүүгө болот. |
| **Карьера** | **Аныктама:** Адам баласынын жумушчу ролдорунун жана башка турмуштук ролдорунун анын жашоо-тиричилигинин бүтүндөй аралыгындагы, анын ичинде алардын төлөм төлөнгөн жана төлөм төлөнбөгөн жумушту тең салмактагандыгы, жана билим алууга жана окууга өзүнүн кызыкдар болушун кошуу менен, өз ара аракеттешүүсү.<br><br>**Түшүндүрмөлөр:** Азыркы дүйнөдө карьера эми уюштуруучулук иерархиядагы вертикалдык алга жылууга гана таандык болгон термин эмес жана мындан ары менеджер, артист, спортсмен ж.б. ушул сыяктуу белгилүү бир кесиптерге гана таандык болбостон, ал бардык адамдарга: иштеген, иштебеген, студенттерге жана окуучуларга таандык. |

| | |
|---|---|
| **Кесипке багыт берүү боюнча консультациялоо** | **Аныктама:** Карьера/кесипке багыт берүү боюнча консультант менен жеке инсандын ортосундагы өз ара мамиле-катыш. Бул негизги көңүлдү өзүн-өзү аңдоого жана түшүнүүгө багыттаган, ошондой эле билим алуу, ишке орношуу жана өткөөл чечимдер үчүн, ошондой эле бүтүндөй жашоо-тиричиликтин аралыгында жумуш жана билим алуучулук чөйрөнүн өзгөрүшүнө таасир этүүчү чараларды башкаруу үчүн негиз катары жашоо-тиричиликтин канааттандыруучу жана маанилүү багытын өнүктүрүүгө көмөк көрсөткөн жеке же топтук процесс.<br><br>**Түшүндүрмөлөр:** Карьера боюнча консультациялоо терминин кеңири болуп саналган кесипке багыт берүү термини менен адаштырбаш керек (Кесипке багыт берүү аныктамасын караңыз). |
| **Карьера боюнча консультациялоо** | **Аныктама:** Карьера боюнча консультанттар адамдарга өздөрүнүн карьералык максаттарын иликтөөгө, карманууга жана жетишүүгө жардам беришет.<br><br>**Түшүндүрмөлөр:**<br>- Карьера боюнча кеңешчилер/консультанттар көбүнчө кесиптик даярдоодон өтүшөт жана таанылган кесиптик квалификацияга ээ болуп келишет.<br>- Маалыматтарды ж.б. сунуштаган мугалимдерди, кызматкерлерди карьера боюнча консультанттар деп атоого болбойт. |
| **Карьераны өнүктүрүү** | **Аныктама:** Өмүр бою карьераны өнүктүрүүнү башкаруунун контекстинде, карьераны өнүктүрүү бүтүндөй жашоо-тиричиликтин аралыгында инсан өзүнүн билимин, иш менен камсыз болушун жана кесип тууралуу чечимдерди кабыл алуусун башкарып келген процессти түшүндүрөт. |
| **Кесипке багыт берүү** | **Аныктама:** Ар кыл курактагы жарандарга алардын жашоосунун каалаган учурунда өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн, иш-билгилигин (компетенцияларын) жана кызыгууларын аныктоого; билим алуу, тренинг жана кесиптер тууралуу аң-сезимдүү чечимдерди кабыл алууга; ошондой эле билим алуудагы, жумуштагы жана ошол жөндөмдүүлүктөр жана иш-билгилик (компетенциялар) өздөштүрүлгөн жана/же колдонулган башка жагдайларда алардын өздөрүнүн жеке турмуш жолун башкарууга мүмкүндүк берүүчү иш-чаралардын бири катары.<br><br>**Түшүндүрмөлөр:**<br>- Карьераны же кесипке багыт берүүнү практиктер көбүнчө жөн гана багыт берүү деп аташат.<br>- Багыт берүү чын-чынына келгенде төмөнкүлөрдү камтыган кол чатыр болуп эсептелинет: консультациялоо, маалымдоо, көрсөтмө берүү, окутуу, баалоо жана кызыкчылыктарды коргоо.<br>- Кызмат көрсөтүүлөр ар кыл тармактарда: билим берүүдө, окутууда, жумуш менен камсыздоодо, коомчулукта жана жеке сектордо да көрсөтүлөт.<br>- Ал багыт берүү жана кесипке багыт берүү сөзүнүн синоними катары каралат. А бирок билим берүүдөгү багыт берүү спецификалык термин катары трактовкаланган.<br>- Кесипке багыт берүү бүтүндөй жашоо-тиричилик аралыгында багыт берүү сыяктуу эле аныкталат.<br>- Айрым өлкөлөрдө “кесипке багыт берүү” салттуу термини мурункудай эле колдонулгандыгына карабастан; барган сайын көбүрөөк өлкөлөр “өмүр бою кесипке багыт берүү” терминин колдонуп келишүүдө. Бул, өлкөлөр ар кыл курактагы жарандарга кесипке багыт берүү боюнча кызматтарды сунуштоо саясатын жүргүзүүдө дегенди билдирет. |

| | |
|---|---|
| **Карьера боюнча маалыматтык тутум (система)** | **Аныктама:** Бул көбүнчө компьютердик же Интернеттеги он-лайн иш шарттамындагы (режиминдеги), ошондой эле кагазга басылып чыгарылган, айрым адамдарга же адамдардын тобуна белгилүү бир адистиктер, кесиптер же уюмдар тууралуу, анын ичинде эмгек маянанын, иш шарттарынын, даярдоонун, квалификациянын жана талап кылынган тажрыйбанын сүрөттөлүшүн кароо менен маалыматтарды топтоо, уюштуруу жана сунуштоо жолу аркылуу кесип тандоодо, иш менен камсыз болууда, адистикти же жумушту тандоодо жардам көрсөтүү үчүн багытталган тутумдар (системалар). |
| **Карьераны башкаруу көндүмдөрү** | **Аныктама:** Айрым өзүнчө адамдар (жана адамдардын тобу) үчүн чогултуу, талдоо, бириктирүү жана өзү, билими жана кесиптер, ошондой эле чечимдерди жана өзгөрүүлөрдү/өтүүлөрдү кабыл алуу жана ишке ашыруу үчүн көндүмдөр тууралуу маалыматтарды уюштуруунун түзүмдөлгөн ыкмаларын сунуштаган иш-билгиликтин (компетенциялардын) бир тобу.<br><br>**Түшүндүрмөлөр:** Карьераны башкаруу көндүмдөрү – бул адамдарга өз карьерасын натыйжалуу өнүктүрүү жана башкаруу үчүн зарыл турмуштук көндүмдөр, окуу, билим алуучулук көндүмдөр жана жумушка орношуу көндүмдөрү. |

## 2. 9-Класста кесипке багыт берүүнүн концепциясы

### КЕСИПКЕ БАГЫТ БЕРҮҮДӨ САЛТТЫК МАМИЛЕДЕН ЗАМАНБАП МАМИЛЕГЕ КАРАЙ

Кесипке багыт берүүнүн максаты жаштарга жана чоңдорго кесип жана билим тандоого жана алар жашаган жагдайларда өздөрүнүн карьерасын башкарууга жардам көрсөтүү болуп саналат. Бул жагдай бир өлкөдөн экинчи өлкөгө карата катуу айырмаланып турат, ошондой эле тез өзгөрүүдө. Бул себептерден улам карьера боюнча иштерди практикалаган адистер бул өзгөрүүлөргө байкоо салып турушу керек жана алар сунуштап келген кесипке багыт берүү боюнча консультациялар чындыгында эле алардын кардарларына жардам бериши үчүн кызмат көрсөтүүлөрдү дайыма өнүктүрүп турушу кажет.

Кесипке багыт берүүнүн концепциясы акыркы бир нече он жыл аралыгында кескин өзгөрдү жана дагы да өзгөрүшүн улантууда. Кесипке багыт берүүгө карата салттуу мамиле адам баласы кесип тууралуу маанилүү чечимди өзүнүн карьерасынын башталышында: билим алуунун кийинки тепкичи тууралуу чечим кабыл алууда жана биринчи жолу жумуш издеп баштаганда бир же эки жолу кабыл алат деген божомолго негизделген. Кесипке багыт берүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр ошол мамилени эске алуу менен корректировкаланган жана ушул өткөөл учурларга топтолгон. Адамга билим алуу жана иш менен камсыздоо тууралуу тийиштүү маалыматтарды, жана, зарыл болгон учурда, кээде психологиялык тесттер менен коштолгон жеке консультация берүү жетиштүү деп эсептелинген. Кесиптик көз караштан алганда, кесиптик билим берүү, эреже катары, бир нече ондогон жылдар мурун бир жагынан маалыматтарды жана кеңештерди берүүчү мекеме/консультант менен бирге, ошондой эле экинчи жагынан жеке кардар менен бирге, мындайча айтканда эксперттик мамилеге өзгөчө маани берип келген психологияга негизделип келген. Жеке кардар ага берилген кеңешти кабыл алат деп күтүлгөн. Жеке консультациялоого негизделген бул мамилеге таянуу менен, мектептерде жана анын аймагынан тышкары да кесипке багыт берүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр жакшы жолго салынган, айрым гана өнүккөн Европа өлкөлөрүндө кесипке багыт берүү баардыгы үчүн же окуучулардын басымдуу бөлүгү үчүн жеткиликтүү болушу камсыздалган. Эксперттик мамиле индивидуум өзүнүн карьерасын тандоо

жана башкаруу үчүн өзгөчө жоопкерчиликти көтөрүшү керек деген белгилүү бир убакыт аралыгында басымдуулук кылып келген көз караштан улам модернизацияланган.

## ЭМГЕК РЫНОГУНДАГЫ ӨЗГӨРҮЛГӨН ШАРТТАРГА ЖООП КАТАРЫ ЗАМАНБАП МАМИЛЕ

Экономика салыштырмалуу туруктуу болгон жана, кандайдыр бир даражада, иш менен камсыздоо тармагы да туруктуу болуп келген мезгилдерде салттуу мамиле жакшы иштеп келген. Өткөн кылымдын 80-жылдары жана көбүрөөк 90-жылдар аралыгында өнүккөн өлкөлөрдө ири өзгөрүүлөр башталган, ал өзгөрүүлөр өнүгүп келе жаткан өлкөлөргө да катуу таасирин тийгизген: ааламдашуу, курч атаандаштык, ыкчам жана радикалдуу саясий өзгөрүүлөр, технологиянын өнүгүүсү ж.б. өзгөрүлгөн шарттарга карата ыңгайлашуу үчүн адам баласына ошол өзгөрүүлөрдү түшүнүү жана алар менен алышуу үчүн жаңы жөндөмдөр зарыл.

Азыркы заманда адам баласы бүтүндөй жашоосунун аралыгында өзүнүн кызматын, ал эми кээде өзүнүн квалификациясын да бир нече жолу өзгөртө тургандыгын билиши керек. Толук бир күн бою жумушта болуу иш менен алектенүүнүн жалгыз формасы болуп саналбайт, кыска мөөнөттүү келишимдер, жеке тапшырмалардын, долбоорлордун үстүндө иштөө, өзүн-өзү алектентүү ж.б. барган сайын көп кездешүүчү көрүнүш боло баштады.

Адамдарга жумушсуздуктун кыска мөөнөттөрү алардын карьерасындагы кандайдыр бир өзгөчө нерсе катары саналбай калгандыгын билүүгө туура келди. Ал жумушсуздуктан улам аракетсиздикке моюн сунуп, апатияга же социалдык обочолонууга кабылбаганга, ошол мезгилди өзүнүн иш менен камсыз болуу мүмкүнчүлүктөрүн колдой турган же кеңейте турган кийинки өсүш үчүн, ишмердүүлүктүн башка түрлөрүн илгерилетүү үчүн колдонууга үйрөнүшү керек. Бүгүнкү күндө эмгек рыногунун мүнөздөмөлөрүнүн бири болуп белгисиздик саналат, ал адам баласы тарабынан коркунуч катары каралат, жана, ошол белгисиздик бүткүл дүйнө жүзүндө өкүм сүрө берет окшобойбу.

Мунун баары кесипке багыт берүү концепциясына маанилүү таасирин тийгизет. Салттуу мамиле кардарларга натыйжалуу жардам көрсөтө албайт, жана натыйжада кесипке багыт берүүнүн жаңы мамилелери жана ыкмалары пайда болду. Бул тармактагы басымдуулук кылган нерсе – бул кесипке багыт берүү адам баласынын жашоосундагы айрым өткөөл кырдаалдар менен гана чектелбей тургандыгын, жана бул адам баласынын бүткүл билим алуу жана эмгек турмушунун аралыгынд жүрүүчү өнүгүү процесси экендигин аңдап түшүнүү. Демек, кесипке багыт берүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр өмүр бою берилиши керек, жана ушул себептен улам азыркы күндө көптөгөн өлкөлөр “үзгүлтүксүз кесипке багыт берүү” тутумун иштеп чыгышууда

Адам баласы төмөнкү учурларда ар убакта колдонуп келген көндүмдөргө тиешелүү “карьераны башкаруунун көндүмдөрүнүн” жаңы концепциясы пайда болду:

- Эмгек рыногундагы, билим берүүдөгү ж.б. мүмкүнчүлүктөрдү аныктоо жана баалоо.
- Жеке кызыкчылыктарды, билимдерди, иш-билгиликти (компетенцияларды) жана башка жеке мүнөздөмөлөрдү аныктоо жана баалоо.
- Биринчи жана экинчини салыштыруу жана карьераны өнүктүрүү боюнча кийинки максат тууралуу чечимди кабыл алуу.
- Карьераны өнүктүрүү максаттарына жетишүү үчүн көндүмдөрдү колдонуу.

Карьераны башкаруунун өнүккөн көндүмдөрүнө ээ болгон адам ар убакта өз мүнөздөмөлөрүн баалоону, сунушталган мүмкүнчүлүктөрдү аныктоону, бул эки аспектти салыштырууну жана мүмкүнчүлүктөрдүн кайсынысы азыркы учурда ал үчүн баарынан жакшы экендигин баалай билүүнү, чечимдерди өз алдынча кабыл алууну билиши керек. Ошондой эле бул чечимди ишке ашыруу үчүн кандай кадамдарды жасоо керектигин билүү да кирет. Карьераны башкаруу көндүмдөрү ар бир өзүнчө адам баласы үчүн маанилүү, себеби алар эмгек рыногундагы өзгөрүлүп жаткан шарттар менен натыйжалуу иш алып барууга жардам беришет, ошондой эле алар коргонуунун жоктугунун натыйжасында жаралган стрессти жана коркуу сезимин азайтышат.

Карьераны башкаруу көндүмдөрүн үйрөнүүгө болот, жана бул факт карьераны башкарууга карата салттуу мамилеге олуттуу түрдө каршы чыгат.

Карьераны башкаруунун беш тепкичтүү модели окуучуларга эмгек рыногундагы учурдагы жана балким болочокто мүмкүн болгон шарттарда ийгиликтүү колдонуу үчүн карьераны башкаруунун көндүмдөрүнө ээ болуу мүмкүнчүлүктөрүн сунуштайт.

## 3.9-класста кесипке багыт берүү программасынын беш тепкичтүү модели – сүрөттөө

Кыргызстанда 9-класста кесипке багыт берүү боюнча программа кесипке багыт берүүнүн көп жылдык салты бар жана бир нече өлкөлөрдө ийгиликтүү кийирилген, жакшы белгилүү беш тепкичтүү динамикалуу моделине негизделет.

Кесипке багыт берүү боюнча программанын беш тепкичтүү моделинин негизги максаты:

Жаштардын өз карьерасын пландоо жана эмгек рыногуна аралашуу үчүн окуу жайды жана кесипти тандоого карата маалыматтуу, ылайыктуу жана өз алдынча чечим кабыл алуу жана ишке ашыруу жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү.

Программа боюнча жаштар үчүн сабактар семинарлар түрүндө жүргүзүлөт. Аларда окуучулар кесипке багыт берүүнүн максаттарына жооп берүү үчүн зарыл билимдерди алууга, көндүмдөргө ээ болууга, жөндөмдүүлүктөрдү жана баалуулуктарды өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк алышат. Бүткүл программанын аралыгында окуучулар окутуу процессине активдүү катышып аралашышат.

Программа беш модулдан же тепкичтен турат:

1. **Өзүнүн ролун түшүнүү, аңдоо (өзүн-өзү аңдоо)**
   Семинарлар, тесттер, өзүн-өзү талдоо жана консультация алуу аркылуу жаштар өздөрүнүн шык-жөндөмдүүлүктөрү, кызыгуулары, баалуулуктары, мүмкүнчүлүктөрү тууралуу билип алышат.
2. **Кесиптер жана карьера тууралуу маалымдоо**
   Жаштар кесиптер жана адистиктер дүйнөсүн өздөштүрүшөт жана ар кыл кесиптер тууралуу билишет. Алар кесиптердин мүнөздөмөлөрүн, ийгиликтүү карьера үчүн кандай билимдер, көндүмдөр жана мүнөздүн сапаттары зарыл экендигин изилдешет жана, баарынан маанилүүсү, алар эмгек рыногунун чыныгы керектөөлөрү тууралуу билип алышат.
3. **Билим алуунун жолдору**
   Жаштар училищаларда, факультеттерде жана башка окуу жайларда кийинки билим алуунун мүмкүнчүлүктөрү тууралуу жана тандалган кесип үчүн талап кылынган окуу процесси тууралуу да билип алышат. Бул этаптагы маалыматтарга кошумча катары окуучулар белгилүү бир кесип үчүн зарыл болгон, өздөрүнүн билимдерин өз кызыгуулары жана каалоолору менен салыштырышат.
4. **Эмгек дүйнөсү менен чыныгы жолугушуулар**
   Бул этапта окуучулар эмгек жана кесиптик билим алуу дүйнөсүнөн биринчи колдон тажрыйба алуу сунушталат. Алар кесиптик окуу жайлардын өкүлдөрү жана өздөрү тандаган кесиптин өкүлдөрү менен жолугушушат жана иштөөнүн шарттары менен таанышышат. Алар бир канча убакыт ишканаларда болушат жана кесип тууралуу жана керектеле турган билим алуу тууралуу суроолорду беришет.
5. **Окуу жайды жана кесипти тандоого карата чечимдерди кабыл алуу**
   9-класстын аягында окуучулар өздөрүн жакындан таанып калышат, аларда керектүү болгон маалыматтардын баары болот жана алар чечимдерди кабыл алууда өздөрүн ишенимдүү алып жүрүшөт.Алар альтернативаларды таразалоо жана аракеттердин планын түзүү менен чечимдерди кабыл алуу үчүн техниканы жана ыкмаларды алышат. Алар практикада өздөрүнүн чечимдерин ишке ашырууга, ошону менен катар аны жагдайларга жараша өзгөртүүгө жана ыңгайлаштырууга даяр болушат.

# 4. Беш тепкичтүү модель – окуучулардын кабылдоосу

Карьераны өнүктүрүү процессинин жүрүшүндө окуучуларга төмөнкүдөй тапшырмалар жана суроолор коюлат:

### 1. Өзүн-өзү баалоо

**Окуучулардын милдети:** Мен өзүм тууралуу айрым нерселерди өзүмө мүнөздүү сапаттарымды изилдөө жолу аркылуу билгим келет. Мен өзүмдүн кызыгууларымды, жөндөмдүүлүктөрүмдү, каалоолорумду, тилектеримди, кооптонууларымды жана үмүттөрүмдү өзүмдү жакындан билүү үчүн аң-сезимдүү карап чыгам.

*1-тепкич тууралуу суроолор:*

- Мени эмне кызыктырат?
- Менин күчтүү жактарым, жөндөмдүүлүктөрүм жана шыктарым кайсылар?
- Мен чынында киммин?
- Мен башкалардын алдында кандай көрүнөм?
- Билим алуудагы менин кызыгууларым жана бош убакыттагы менин кызыгууларым.

### 2. Кесиптер тууралуу маалыматтар

**Тапшырмалар:** Билүү, өздөштүрүү жана иштетүү

*2-тепкичке карата суроолор:*

Кандай керектүү маалыматтар бар?

- Мен маалыматтарды кантип алам?
- Маалыматтардын агымында мен кантип багыт алам?
- Мен үчүн маанилүү маалыматтарды кантип алам, тандайм жана карап чыгам?
- Тандалган чен-белгилердин негизинде жаңы маалыматтарды кантип иреттөө, тандоо жана иштетүү керек?

### 3. Билим алуунун жолдору

**Милдеттер:**

- Каалаган максатка алып келүүчү билим алуунун жана карьераны өнүктүрүүнүн жолдорун кантип аныктоо керек.
- Өздүк кызыгууларды, күчтүү жактарды, шык-жөндөмдүүлүктөрдү мен каалаган окуу жайдагы жана кесиптеги талаптар менен кантип салыштыруу керек.
- Билим алуудагы жана карьерадагы өздүк мүдөөлөр тууралуу ата-энелер менен кантип сүйлөшүү керек.

*3-тепкичке карата суроолор:*

- Кайсыл окуу жай менин күтүүлөрүмө жооп берет?
- Кайсыл предметтер боюнча мен айрыкча жакшы жетишип келем?
- Көксөгөн кесипте жумуш кол менен/жабдуулар менен/машина менен аткарылабы?
- Бул кесип негизинен интеллектуалдык эмгек менен же адамдар менен баарлашуу менен байланышканбы?
- Окуу жайдын талаптары менин жеке мүнөздөмөлөрүмө туура келеби?
- Карьераны өнүктүрүүнүн кайсыл жолдору көксөгөн кызыкчылыктарга жетишүүгө жардам беришет?

### 4. Чыныгы жолугушуулар

**Милдеттер:** Каалаган окуу жайларды (билим алуу боюнча мүмкүнчүлүктөрдү) жана кесиптерди изилдөө.

*4-тепкичке карата суроолор:*

- Мен окуу жай жана ишкана менен мамиле түзүү учурунда эмнени биле алдым?
- Бул окуу жай менин күтүүлөрүмө жооп бере алабы же издөөлөрүмдү улантуум керекпи?
- Мен өз күтүүлөрүмдө эмнени өзгөртүшүм керек?
- Менин бул окуу жайга карата кызыгуум күчтүүбү же алсызбы?
- Бул кесип үчүн кандай көндүмдөр талап кылынат?
- Бул адистиктин негизги милдеттери кайсылар?
- Канчалык узак убакытка дейре окуу зарыл?
- Менин ишкана же окуу жай жөнүндөгү пикирим өзгөрдүбү?

**5. Чечимди кабыл алуу**

Эми мен өзүмдү жакындан тааный алдым. Мен өзүмдө кандай тандоолор бар экендигин билем жана ал мага чечим кабыл алууда чоң ишенимдүүлүк берип келет. Мен өзүмдүн ишимдин жыйынтыктарын карьераны өнүктүрүү жолдоруна тиешелүү болгон чечимдерди кабыл алууда жардам катары колдоном.

# 5. Мектептердеги кесипке багыт берүүнүн беш тепкичтүү моделинин алкактык программасынын планы

Жалпысынан алганда программанын башкы максаты - жаштарды кесипке багыт берүү процессинин беш тепкичтүү моделине активдүү катышуу аркылуу өздөрүнүн келечеги үчүн жоопкерчиликти өздөрүнө алууга шыктандыруу болуп саналат. Ошондой эле окуу жайга тиешелүү аң-сезимдүү чечим кабыл алышы жана эмгек рыногуна аралашышы, жана ошентип, карьераны пландоодо ийгиликтерге жетишиши үчүн алар өздөрү жана өздөрүнүн жөндөмдүүлүктөрү, билим алуунун жана карьера куруунун мүмкүн болгон жолдору тууралуу көбүрөөк билиши кирет.

Кесиптик билим берүү программасы жаштардын жана окуучулардын чечимдерди кабыл алуу жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө багытталган жана, мындайча айтканда, ал эки негизги компонентти интеграциялайт.

Компоненттердин бири болуп жеке иш-билгилик (компетенция) саналат, башкача айтканда өздүк «мендин» күчүн жана билим алуудагы жана кесиптердеги жана/ же аларды колдоно билүүдөгү варианттарды таануу. Экинчи компонент болуп социалдык иш-билгилик (компетенция) саналат, ал кесиптер дүйнөсүндө көбүрөөк маанилүү болуп саналат жана ал изилдөөлөрдүн предмети гана болбостон, ошондой эле кесипке багыт берүүнүн алкагындагы окутуу үчүн предмет болушу керек.

Ошентип, жаштардын жана окуучулардын инсандыгынын калыптанышына олуттуу салым кошулат жана процесстеги негизги басым эркти, жөндөмдүүлүктү, чечимдерди кабыл алууну, кылдаттуулукту, даярдыкты, тырышчаактыкты жана өз ара мамилелерди колдоо мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүүгө жана бекемдөөгө жасалат.

### ДИДАКТИКАЛЫК ПРИНЦИПТЕР

Кесипке багыт берүү программасын ишке ашырууга бардык негизги кызыкдар тараптар кесипке багыт берүү деген процесс болуп санала тургандыгын эске алышы керек. Кесипке багыт берүү жаштарга өздөрүнүн жеке жөндөмдүүлүктөрүн аңдоо мүмкүнчүлүктөрүн сунушташы керек, кесиптерди жана билим алуучу окуу жайды тандоону сунуш кылышы керек, кесипти тандоодогу өзгөрүүлөргө көз салууну жана кесип жана билим алууга тийиштүү өз алдынча чечим кабыл алууга жетишүүгө алып келиши керек.

Кесипке багыт берүүнүн инсандын калыптанышына кошкон салымы программанын усулдарын иштеп чыгууга карата өзгөчө мамилени талап кылат, анын ачыктыгы, өздүк ишмердүүлүктүн түздөн-түз тажрыйбасынын кошулушу - программаны ишке ашыруунун алдын-ала шарты болуп саналат. Программа активдүү жана интерактивдүү окутуу түрүндө ишке ашырылат. Активдүү таануу усулу, ошондой эле кесип жана окуу жайды тандоо процессиндеги негизги квалификацияларды ыкчамдатылган өнүктүрүүгө багытталган ыкмалар да: класстагы талкуулар, ролдук оюндар, топтордо иштөө, эксперттик усул, интеллект-карта, кесипке багыт берүү боюнча портфель, «макул» жана «каршы» талкуулар, жеке иштөө, жупташып иштөө, интервью, чыныгы жолугушуулар ж.б. колдонулат. Жогоруда саналып өткөн жана кесипке багыт берүү жаатында колдонулган башка ыкмалар тууралуу кененирээк өзүнчө окуу колдонмосунда каралат (Кесипке багыт берүүнүн беш тепкичтүү моделин ишке ашыруу боюнча мугалимдер үчүн окуу колдонмону караңыз).

Чыныгы жолугушууларды өткөрүүдө мектеп-жумуш чыныгы кырдаалында интерактивдүү таанууга мүмкүндүк берүүчү ыкмалар колдонулат. Жаштар жана окуучулар изилдөөгө жана чечим табууга: мугалимдер менен сурамжылоолорду жүргүзүү, ошондой эле кесиптик окуу жайларында жеке практика өтөө менен, ишканалардын өкүлдөрү менен баарлашууларды өткөрүү менен жана кесиптер тууралуу маалыматтарды алуу үчүн жармаңкелерге баруу ж.б. менен активдүү катышышат.

Чыныгы жолугушуулар кылдат даярдыкты жана жаштар, окуучулардын катышуусу менен кийинки иштеп чыгууну, ошондой эле атайын орто окуу жайларынын (училище) жана ишканалардын ортосундагы активдүүрөөк кызматташтыкты талап кылат. Чыныгы жолугушуулар терминин аныктоодо бул жерде ар дайым бүтүндөй кесипке багыт берүү процессин түшүнүү керек. Белгилей кетүүчү нерсе, кесип жана окуу жай тууралуу чечимдер көп учурда үй-бүлө ичинде же, айрым өлкөлөрдө, жеке консультациялардын жыйынтыгында кабыл алынат. Ошондуктан, бул программага катышуу окуучулар тарабынан чечимдердин ата-энелер менен тыгыз кызматташтыкта кабыл алынышын демилгелейт. Кесипке багыт берүү процессинде консультациялык кызмат көрсөтүүлөрдү максаттуу пайдалануу мектептерде ишке ашырылып жаткан программанын алкагында окуучулар арасында жакшы кызыгууну жараткандай болушу керек.

## ИЗИЛДӨӨ АЙМАГЫ: ӨЗҮНҮН РОЛУН ТҮШҮНҮҮ (ӨЗҮН АҢДОО)/ӨЗҮН ТАЛДОО

Өзүн аңдоо – бул жаш баланын өзүнүн «мени» (күчтүү жана алсыз жактары, кызыгуулары, шыктуулугу) менен таанышуусу жана чечимдерди кабыл алуу процесси үчүн башат ала турган чекитти билдирет. Эгер жаш бала өзүнүн жеке мүмкүнчүлүктөрү (жөндөмдүүлүктөрү, көндүмдөрү, күчтүү жактары, шыктары) тууралуу кабардар болсо, ал максатталган маалыматтарды ала алат, башкача айтканда ал болочок кесиптердин, ошондой эле аларга ылайык келген, мүмкүн делген окуу жайлардын варианттарын карап чыгат.

### Максаттар

Окутуунун бул тармагынын жалпы максаты окуучуларга алардын өздөрүнүн чыныгы портретин ачуу процессинин бөлүгү катары өздөрүнүн шыктуулугу жана жөндөмдүүлүктөрү тууралуу билүүгө жардам берүүдө жатат. Жаштар өздүк «менди» аңдоо алардын чечимдерди кабыл алуу процесси үчүн маанилүү өбөлгө болуп саналаарын жана бул аларга эмнени жакшы билет жана эмнени анчейин жакшы билбегенин (күчтүү жактар, алсыз жактар жана өнүгүү үчүн тармактар) бекемдеп алууга демилгелей тургандыгын түшүнүшү керек. Өзүн таанып-билген окуучу процесстин кийинки баскычында өзүнө мүнөздүү сапаттарды талап кылынган мүнөздөмөлөр менен салыштыруу, башкача айтканда окуу жайлардын жана кесиптердин варианттарынын арасынан максатка ылайыктуусун тандоо жасоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болот.

### Программа/Предметтин мазмуну жана/же окутуунун мазмуну

Жаштар өздөрүнүн өздүк каалоолорун, кызыгууларын жана шыктуулуктарын билүүгө, өздөштүрүүгө жана текшерүүгө үйрөнүшү керек, ошондой эле өзүнүн күткөн үмүтүн баалоо алар тууралуу ой- жүгүртүү үчүн өздөрүнүн шыктарын жана жөндөмдүүлүктөрүн таанууга; өз мүмкүнчүлүктөрүн жана иш-аракет кылууга даярдыгын таанууга; кызыгууларын, жөндөмдүүлүктөрүн, мүмкүнчүлүктөрүн (өзүн-өзү баалоо сезимин) өз алдынча талдоого жана кесиптердин, окуу жайлардын варианттарына таянууга үйрөнүүсү кажет. Белгилүү бир адистиктердин функционалдык милдеттемелеринин сүрөттөлүшүн сын көз караш менен карап чыгуу; өздүк баалуулук сезимин, айрыкча окуучу кыздарда аларга ылайык окуу жайлар жана кесиптерди тандоо канчалык кенен экендигин, бекемдөө зарыл.

## ИЗИЛДӨӨ АЙМАГЫ: БИЛИМ БЕРҮҮЧҮЛҮК ЖАНА КЕСИПТИК/ КАРЬЕРАЛЫК МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨР ТУУРАЛУУ МААЛЫМДОО

Окуу жайлар жана кесиптердин ар кыл варианттары жөнүндөгү маалыматтарды изилдөө жана пайдалануу жаштарга алардын жеке иш-билгилиги (компетенциялары) менен окуу жайлардын жана кесиптердин талаптарынын ортосундагы байланыш тууралуу жаңыча көз караштa болууга мүмкүндүк берет. Окуучуларды өз алдынча

маалымат табууга үйрөтүшөт. Аларды маалыматтарды, ошондой эле алардын карамагындагы мүмкүн болгон маалымат булактарын топтоо ыкмаларына жана колдонууга үйрөтүшөт. Мындай булактар болуп окуу жайлардын арасынан тандоо тууралуу, билим алуунун варианттары, ишмердүүлүк тармактары жана кесиптер, жумушчу орундар, тенденциялар ж.б. тууралуу фактыларды жана маалыматтарды берүүчү кесиптер жөнүндөгү маалыматтык борборлор, иш менен камсыздандыруу кызматтары, журналдар жана брошюралар, эмгек рыногу, кесиптер тууралуу маалыматтар базасы жана интернеттеги башка сунуштар ж.б. саналышат.

### Максаттар

Окутуунун бул тармагынын негизги максаты болуп, окуу жайларга жана кесиптерге тиешелүү ар кыл маалыматтар тууралуу билимдерди алуу, ошондой эле жаштарга жана окуучуларга алардын карамагында болгон маалыматтык сунуштарды активдүү жана өз алдынча колдонуу мүмкүнчүлүгүн берүү саналат.

Жаштарга кесип жана окуу жайды тандоо боюнча иш-билгиликти (компетенцияларды) берүү максаттары үчүн, алгач алар өздөрүн кызыктырган маалыматтык сунуштарды карап чыгышы зарыл. Дал ошондуктан алар Интернеттен жана башка булактардан ишмердүүлүк тармагына жана квалификациялык түзүмгө, окуу жайлардын арасынан варианттарды тандоого ж.б. тиешелүү болгон тийиштүү маалыматтарды өз алдынча топтоо жолу менен маалыматтарды табууга жана тандоого үйрөнүшөт жана аларды өздөрүнүн каалоолоруна ылайык иштетишет. Жаштар өздөрү алып жаткан маалыматтарды аң-сезимдүү түрдө иштетишет, бирок аларга жаңы билимдерди жана жеке ой жүгүртүү аркылуу жана өздүк тажрыйбадан улам кесипти сыноо аркылуу билимдерди алуу мүмкүнчүлүгү да сунушталат. Бул биринчи кезекте окуучулар тарабынан көнүгүүлөрдүн практикалык аткарылышына тиешелүү,алар окуучулардын жогорку даражадагы активдүүлүгүн жана аралашуусун камсыздоо жана аларды кесипке багыт берүүнүн кийинки процесстерине даярдоо менен практиканы жана чыныгы жолугушууларды эске салат.

### Программа/Предметтин мазмуну жана/же окутуунун мазмуну

Окуучулар жана жаштар окуу жайлар жана кесиптер тууралуу тийиштүү маалыматтарды өз алдынча топтоо жана иштеп чыгуу аркылуу карьераны башкаруунун көндүмдөрүн өнүктүрүшү; ар кыл окуу жайлар жана тармактар тууралуу маалыматтарды табууга үйрөнүшү, мүнөздөмөлөрдү аныктап табышы жана, өзүнүн кызыкчылыктарына ылайык, тандалган окуу жайлардын жана келечекте билим алуусунун так серебин жүргүзүшү керек. Алар өздөрүнүн жеке мамилесин жана кабылдоосун окуу жайды жана кесипти тандоо контекстине кошумчалашы; сын көз караш менен ойлонуп жана дагы бир ирет карьераны пландоону баалашы; көксөгөн кесипке ээ болууга алып баруучу билим берүүчүлүк жана карьералык мүмкүнчүлүктөр тууралуу билимдерди алышы керек. Алар маалыматка негизделген, кесип тандоо тууралуу чечимге келүү үчүн жеткиликтүү же жаңы маалыматтарды түзүмдөлгөн манерада карап чыгууга; элементардык адамзаттык фактор, ошондой эле алардын жашоо мейкиндиги катары көп сандаган маанилеринде жана формаларында жумушту жана кесипти таанууга жана аларга жеке баалуулукту ыйгарууга; жыныстык белгиси боюнча бөлүнгөн белгилүү бир окуу жайларда жана эмгек рыногунда гендердик концентрация маселесин кароого, алардын кийинки турмушунда жана карьерасында жарала турган кесепеттерди изилдөөгө жана баалоого үйрөнүшү зарыл.

## ИЗИЛДӨӨ АЙМАГЫ: ЧЫНЫГЫ ЖОЛУГУШУУЛАР

Бул аймакта жаштарды жеке аларга кызыктуу болгон окуу жайлардын жана кесиптердин варианттары тууралуу практика жүзүндө билүүгө кызыктырышат. Чыныгы жолугушууларды ийгиликтүү өткөрүү үчүн алар жаштарга сунуштаган артыкчылыктарды ачып бериши өтө маанилүү. Ошондой эле чыныгы жолугушууларга карата жакшы даярдык жана аларды ишке ашырууга карата талаптар керектелет, ал талаптарды карамануу жана алдынала ойлонуу зарыл.

«Чыныгы жолугушуулар» терминин алдында биз эмгек рыногу менен бардык түз жолугушууларды (компанияда сурамжылоо жүргүзүү, ишканалардагы практика/

стажировка) түшүнөбүз. Ошондой эле бул мектептик билим берүү жаатындагы (мектептерде тесттерди өткөрүү практикасы), кесиптерге тиешеси бар мекемелер жаатындагы (иш менен камсыз кылуучу кызматтар, кесиптер тууралуу маалыматтык борборлор, өндүрүштөгү практикалар боюнча мекемелер жана карьераны өнүктүрүү боюнча мекемелер) иш-чаралар. Мындай ишмердүүлүк, эреже катары, мисалы, кесиптер тууралуу маалыматтардын жармаңкеси, же «Кыздар күнү» жана/же «Кыздар жана балдар күнү» же окуу жайдагы «Ачык эшиктер күнү» аттуу маалыматтык күн ж.б. сыяктуу бир күндүк маалыматтык иш-чараларды да камтыйт. Чыныгы жолугушуулардын аркасында жаштар эмгек дүйнөсү жана кесиптер тууралуу өздөрүнүн теориялык жана практикалык билимдерин толукташат жана жакшырта алышат. Жаш бала аяккы чечимди кабыл алаардан мурун, жакшысы, квалификациялык түзүм/билим алуунун ыкмалары боюнча интенсивдүү «чындыкты текшерүүнү» кайра өткөрүүсү жана чыныгы талаптар алардын идеяларына жана жеке көз караштарына шайкеш келгендинин бекемдеши зарыл.

### Максаттар

Окутуунун бул тармагынын жалпы максаты окуучуларды эмгек дүйнөсү менен тааныштырууда жана аларга эмгек жаатындагы чыныгы кырдаалдарда өзүн сынап көрүү мүмкүнчүлүгүн берүүдө жатат. «Ордунан» чыныгы жолугушуу чечимди кабыл алуу үчүн жаштарга кандай пайдаларды бере тургандыгын алар билип алышы керек. Алар эгер ишканадагы сурамжылоого катышпаса (практикада, компаниялардагы практикада/ мектептеги практикалык сабактарда өзүн сыноо) эмнелерден кол жууп калаарын ойлонушу керек. Мындай ыкма менен алар тандап жаткан компания/окуу жай тууралуу жакшыраак билип алышат жана боло турган чыныгы жолугушууларга карата жакшы даярданышы керек болот. Чыныгы жолугушууларга даярданууда жолугушуу учурундагы шарттарды жана жүрүм-турум эрежелерин ж.б. жакшы билүү маанилүү.

Өздүк жетишкендиктерди мониторинг кылуу үчүн окуучуга интенсивдүү түзүмдөлгөн талдоо (мисалы, компанияларга/ училищаларга баруунун жыйынтыктарын талдоо жана баалоо) жана аны менен талап кылынган билимдер жана тажрыйба алардын баштапкы мүдөөлөрүнө шайкеш келишин текшерүү сунушталышы керек.

### Программа/Предметтин мазмуну жана/же окутуунун мазмуну

Бүткүл окуу процессин жана/же кесипти тандоо процессин натыйжалуулугун эске алган, чыныгы жолугушуулар аркылуу жаштар жумуштар жана кесиптер дүйнөсү тууралуу билиши керек. Ошондуктан мындай жолугушууларга тыкыр даярдануу жана, натыйжада, окуучулардын кызыгууларына шайкеш келген билим алуу жана ишмердүүлүк тармактары тууралуу маалыматтарды өз алдынча жана толук кандуу алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу үчүн, ээ болгон билимдерди жана тажрыйбаны иштетүү маанилүү. Бул үчүн ар кандай жолдор жана көп сандаган мүмкүнчүлүктөр бар. Мисалы, эксперттер менен (окуу жайлардын (училище) жана кесиптердин өкүлдөрү менен) аңгемелешүү же болбосо окуу жайда практика (бир нече күн аралыгындагы практика, ачык эшиктер күнү) жана компанияда стажировка (өнөргө үйрөтүү жана компаниянын кызматкерлерин сурамжылоо жүргүзүү) өтүү . Ошондой эле кесиптер жөнүндөгү маалыматтык жармаңкелерге, гендердик сезимталдуулукту («Кыздар күнү» жана «Балдар күнү») илгерилетүүчү ар кыл иш-чараларга баруу. Максат жаштар жаңы билимдерге ээ болушунда жана бардык кырдаалдардан тыянактарды чыгарышында жана окуу жайды жана көксөгөн кесипти тандоого карата чындыкты текшерүүнү жүргүзгөндүгүндө; кесиптик-техникалык билим алууну пландоодо жана карьераны пландоодо жардам сунуштоочу, консультация берүүчү мекемелер менен жолугушууга барышында жана ошол сунуштарды өзү үчүн пайдалана билүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушунда жатат.

Бул тармакта кесипке багыт берүү процессинде жаштарга жана окуучуларга өздөрүнүн болочок билим ала турган жери жана/же кесиби тууралуу чечим кабыл алуу мүмкүнчүлүгү сунушталат.

## ИЗИЛДӨӨ АЙМАГЫ: ЧЕЧИМДЕРДИ КАБЫЛ АЛУУ

Процесстин бул этабында окуучу өз кызыкчылыктарын жана жөндөмдүүлүктөрүн аныктап алат, анын маалыматтар жана изилдөөлөр аркылуу карьераны башкаруу

көндүмдөрү өрчүгөн болот. Ал окутуунун жана кесипке ээ болуунун варианттарын билет, өзүнүн жеке мүнөздөмөлөрүн кесиптер дүйнөсүнүн талаптары менен салыштыра алат жана практика жүзүндө окуу жайда (кесиптик-техникалык билим) жана жумушчу орунунда иштөөгө аракеттенип көрөт. Эми ал окуу жайларда кийинки билимин алуу боюнча чечимди (5-тепкич) кабыл алат.

**Максаттар**

Окутуунун бул тармагынын жалпы максаты кесипке багыт берүү боюнча программага катышкан окуучуларга өздөрүнүн кийинки билим алуусу жана кесиби тууралуу өз алдынча чечим кабыл алууну үйрөтүү болуп саналат.

**Программа/Предметтин мазмуну жана/же окутуунун мазмуну**

Бул этапта окуучулар көксөгөн окуу жай менен кесипти тандоонун ортосунда өз ара аракеттешүү контекстинен, башкача айтканда, мисалы, ата-эне, курдаштар, достор, консультациялык мекемелер, компаниялар жана коомчулук тарабынан таасир этүүнү тең салмакташат. Кесипти тандоо процессинин жүрүшүндө алар көксөгөн окуу жайга жана/ же кесипке карата учурдагы абалды аныкташы керек. Алар ата-энелерин (камкорчуларын) чечимдерди кабыл алуудагы маанилүү катышуучулар катары тартып аралаштырышы керек. Алар текшерүүчү тизменин жардамы менен окуу жайды тандоону текшериши керек; дагы бир жолу жеке мүнөздөмөлөрдү окуу жайдын сапат жана мүнөздөмөлөргө карата талаптары менен салыштырышы кажет, жана чечим кабыл алышы абзел.

## 6. Кесипке багыт берүү боюнча портфель

Кесипке багыт берүү боюнча окуучунун портфели – бул ар бир окуучу кесипке багыт берүү боюнча программанын бүтүндөй жүрүшүндө пайдаланган, өзүнүн иш баракчаларын сактаган папка.

Бул портфелдин максаты – окуучуларга алардын болочок окуу жайын жана кесибин тандоо үчүн колдоо көрсөтүү жана натыйжалуулукту сунуштоо болуп саналат.

Окутуучу кесипке багыт берүү боюнча программанын биринчи семинарында окуучуларга портфелдерди таратат.

Мугалим окуучуларга төмөнкүдөй маалыматтарды сунуштайт:

- Окуу жайды жана алектенүү жаатын/ кесипти аң-сезимдүү тандоо жасоо үчүн сен бир нече этаптарды басып өтүшүң керек.
- Көп сандаган факторлор окуучунун чечимине таасирин тийгизет, жана бул сенин үзгүлтүксүз кесиптик өнүктүрүү жана сенин идентттүүлүгүңүздү өнүктүрүү процессиндеги чоң бөлүм экенин билүү маанилүү. Максат кызыгуулардын жана баалуулуктардын бардык түрлөрүн баалоо, атайын орто окуу жайларындагы маалыматтык күндөр аркылуу жана чыныгы жолугушуулардын аркасында билим алуу жаатындагы жана эмгек дүйнөсүндөгү чындык менен таанышууда жатат.
- Чечимди кабыл алууга карай жол узак. Айрым адамдар бул төрөлгөн учурдан тартып башталат деп айтышат. Эң башкысы, сен өзүң тандай турганыңды жана чече турганыңды унутпашың керек! Өзүңдүн келечегиңе маанилүү таасир тийгизе турган өзүң болуп саналасың .

Бул жолдо сага эки негизги максатка жетишүү зарыл.

**Өзүңдү ачуу (таануу)**

Сен жасоону же өздөштүрүүнү каалагандардын баарын ачуу. Сен көксөгөн жана, сенин оюң боюнча, сен жетише алам дегендер сенин жашоо-тиричилигиң үчүн чоң мааниге ээ. Бул сен, ал эми тиги болсо – сенин керектөөлөрүң, баалуулуктарың, кызыгууларың, шык- жөндөмдүүлүктөрүң.

**1. Кесиптер дүйнөсүн ачуу жана изилдөө**

Программа сага кайсыл окуу-жай жана кандай кесип туура келерин ачууга жардам берет. Окутуунун жүрүшүндө сен көп жаңы нерселерди биле аласың. Өзүңдүн портфелде сен өзүңдүн жөндөмдүүлүктөрдү жана күчтүү жактарыңды көрсөтө аласың, аларды пландарды түзүү жана келечек тууралуу чечимдерди кабыл алуу үчүн сен каалаган окуу жайдын/кызыкчылыктар аймагынын талаптары менен салыштыра аласың.

- Сенин портфелиң сага, кесипке багыт берүү – бул процесс, жана чечимди кабыл алууга карата даярдыкты сен өз колуңа алганың маанилүү экендигин көрсөтөт. Биздин каалообуз - сен үчүн башкалар чечим кабыл алышынан оолак болушун, алар чечимди кабыл алууда сени шаштырбашы керек жана «түшүнүү, аңдоо» өзүнөн-өзү кийин келет дегенге ишенбешиң болуп саналат.
- Портфель чечимдерди кабыл алуу процессиндеги сенин иштериңди баштан аяк камтып турат. Сен бул портфелде чогулта турган иштердин сапатына өзүң жеке жоопкерчиликте болосуң.
- Портфель сага карьераны өнүктүрүү жолундагы өздүк тажрыйба тууралуу ойлонууга жардам берет. Сен ар качан кайрылып келип, бул иш менен мен эмнеге жетиштим? Мени эмне өзгөчө кызыктырат? Мен эмнени мурункуга караганда жакшы/көбүрөөк билем? Мага эмне айрыкча оңой/татаал болуп көрүндү? Мен эмнени келечекте көңүл коюп байкайм жана угам? деген суроолордун жоопторун текшере аласың.
- Сен портфелдеги материалдардын жардамы менен окуу жайга жана кесипти тандоого тиешелүү өзүңдүн чечимиңди кайра карап чыгып, зарыл болгон учурда, өз тандооңду өзгөртө аласың жана өзүң, өз келечегиң үчүн мыктысын тандай аласың.
- Кесипке багыт берүү боюнча программаны сен кубануу менен өтөсүң деп жана билимдерди аласың, өсөсүң жана окуу процессинин жүрүшүндө ырахат аласың деп ишенебиз. Сен өзүң жана өзүңдүн келечегиң үчүн эң мыкты тандоо жасайсың деп ишенебиз. Сага ийгилик каалайбыз!
- Жумушчу баракчаларды онлайн таап иштесе да болот

## ЧЕЧИМГЕ ЧЕЙИНКИ БЕШ КАДАМ

Кесипке багыт берүү боюнча портфель сага окуу жайды жана /же кесипти ырааттуу кадамдап тандоого жардам берет. Бул барактан сен өзүңдүн ишиңдин жыйынтыктарынын (иш баракчалар жана материалдар) классификациясын, ошондой эле ар бир этаптагы мүмкүн болгон темалар тууралуу бир нече кеңештерди көрө аласың.

| | |
|---|---|
| 1. Мен өзүмдү жакындан тааный баштадым | Менин жеке өзүмдү-өзүм баалоомо кызмат кылуучу иш баракчалар жана документтер. |
| 2. Мен маалыматка ээ болуп, кабардар боло баштадым, мен маалыматтарды изилдейм жана иштетем | Сунушталып жаткан окуу жайлар, билим алуудагы жана жумушка орношуудагы перспективалар, кызыктуу кесиптер тууралуу маалыматтар, эмгек рыногу тууралуу баалуу маалыматтар, иш менен камсыздоо кызматтарынан, журналдардан, Интернеттен алынган маалыматтар. |
| 3. Мен көксөгөн адистикке жеткирүүчү, билим жана кесиптин карьералык мүмкүнчүлүктөрүн алуунун жолдорун билем | Мен интенсивдүү түрдө окуу жайларды жана кесиптерди тандоо менен алектенип жаткан, жана мага окуу жай тандоо үчүн жана кесип тандоо үчүн маанилүү болуп саналышкан иш баракчалар. |
| 4. Мен мени кызыктырган окуу жайларды жана кесиптерди изилдейм | Чыныгы жолугушуулардын жумушчу жыйынтыктары: отчеттор, интервьюлардын стенограммалары, окуу жайларынан жана компаниялардан маалыматтар, кесиптер тууралуу маалыматтар, окуу жайлар тууралуу жарманкелер. |
| 5. Мен текшерем жана чечем | Мен салыштырам, б.а. окуу жайлардын жана кесиптик кызматтардын талаптары менен өздүк жеке мүнөздөмөлөрүмдү кайра текшерип өтөм, жана андан соң кандай окуу жайды тандап жатканымды чечем. |

# 7. Өнөктөштөр менен кызматташтык

## КЕСИПКЕ БАГЫТ БЕРҮҮ БОЮНЧА ПРОГРАММАНЫ ИШКЕ АШЫРУУДА КИМДЕР ӨНӨКТӨШ БОЛУП САНАЛЫШАТ

Ар кыл өлкөлөрдүн тажрыйбасы ачык көрсөтүп тургандай, мектептерде кесипке багыт берүүнү мугалим менен окуучулардын ортосунда гана өткөргөндө ал натыйжалуу боло албайт.

Кесипке багыт берүү «мектеп дүйнөсү» менен «эмгек дүйнөсүнүн» ортосундагы көпүрө болуп саналат жана аларды иш- жүзүндө бириктирүүгө таанылган. Эмгек дүйнөсүнүн өкүлдөрү өз ооздору менен биринчи колдон окуучуларга маалыматтарды жана тажрыйбаны сунуштай алышат.

Бул колдонмо өзүнө мектептен тышкары мекемелер жана айрым тараптар менен кызматташууну талап кылган семинарларды камтыйт.

Кесипке багыт берүүнүн беш тепкичтүү модели мектеп качан гана мектептен тышкаркы башка өнөктөштөр менен кызматташуу үчүн ачык болгон учурларга таянуу менен иштейт. Көпчүлүк учурларда өнөктөштөр болуп төмөнкүлөр саналышат:

- Окуу жайлар (кесиптик училищалар, жалпы билим берүүчү орто мектептер, университеттер)
- Жумуш берүүчүлөр (ишканалар, агенттиктер жана башка коомдук мекемелер)
- Муниципалитеттер (жергиликтүү бийлик органдары)
- Ата-энелер
- Айрым жактар (университеттердин студенттери, иштеген адамдар, кесипкөйлөр)

Өнөктөштөрдүн тизмеси жогорудагы аталган өнөктөштөр менен чектелбеши керек. Айрым учурларда мектеп актерлор, спортсмендер, бейөкмөт уюмдар, билим берүү мекемелеринин/ кесиптердин/ бош орундардын (вакансия) жармаңкелерин уюштурган агенттиктер ж.б. менен жакшы кызматташтыкка ээ болуп келишет.

## ЧЫНЫГЫ ЖОЛУГУШУУЛАРДА КИМДИ КЫЗМАТТАШУУГА ЧАКЫРУУ КЕРЕК?

А бирок мектеп окуучулар менен баарлаша турган адамды кылдаттык менен тандашы кажет. Мектеп төмөнкүлөрдү аткара турган адамды чакырышы керек:

- **Окуучулар менен сүйлөшүүнү каалайт**
  Мектеп окуучуларга өз тажрыйбасын бөлүшүүнү каалаган адамды чакыруусу керек.
- **Алдыга демилгелейт (мотивациялайт)**
  Негизги принцип, өз ишинде ийгиликке жетишкен жана жалпысынан алектенип жаткан өз ишине канааттанган адамдарды чакырууда жатат. Окуучулар белгилүү бир кесипте же кызмат орунунда ийгиликке жетишүү үчүн адам баласынын кандай көндүмдөрү жана мүнөздөрү зарыл экендигин билиши кажет, жана алар мындай маалыматтарды мындай мүнөздөмөлөргө ээ болбогон, ийгилик жарата албаган жана өзүнүн жумушун жактырбаган адамдан биле алышпайт. Мектептер аларга келип кесиби жөнүндө айтып берүү үчүн “ошол кызмат оруну үчүн эң эле ылайыктуу болгон адамды”/ “өз ордун тапкан адамды” табышы керек. Мисалы, официант болууну жек көргөн официант болуп иштеген адамды чакыруунун кажети жок болот, себеби ал, келген коноктор чыдамсыз болоорун, аларды тейлөө үчүн бир мүнөт күтүүнү каалабагандар бар экенин, жайкысын ысык аптапта иштөө кыйын экендигин (бул ар кесиптин өкүлдөрүнө таандык) айтып берет жана мындай жумушту эч кимге сунуштабагандыгын айтат. Жакшы официант окуучуларга өзүнүн жумушу ага жагаарын айтат, себеби ал адамдардын ири тобу менен баарлашып жатат, анан да көбүрөөк кыймылда болушу талап кылынат, себеби ал өзүн кеңседе сегиз саат бою отурган абалда элестете албайт ж.б.
- **Жагымдуу**
  Презентациялар/ чыгып сүйлөөлөр да окуучулардын мотивациясын колдоп туруу үчүн кыйла кызыктуу болушу керек.

- **Бирдиктүү**
  Маалымат берип жаткан адамдын айткандары бирдиктүү болушу кажет: ал окуучуларга жумуштун оң (жакшы), ошондой эле татаал аспекттери (бул чыныгы жолугушуулар боюнча иш баракчадагы суроолордун бири) тууралуу айтып бериши керек. Ал адам ошондой эле жумуштун бир же эки аспектти тууралуу гана, мисалы, жумуш убактысы же жумушка баруучу сапарды уюштуруу тууралуу гана айтып тим болбошу керек. Чакырылган адамга интервьюга чейин эле суроолорду берип коюу сунушталат (15-семинарды караңыз: Чыныгы жолугушууларга даярдык). Бул, окуучулар конкреттүү адистик тууралуу жеке, бирок объективдүүрөөк жана анчейин күн мурунтан ойлонулбаган картинаны алышат дегенди билдирет.
- **Жеке, бирок тең салмакталган**
  Ошондой эле маанилүүсү чакырылган адам өз кесиби тууралуу мүмкүн болушунча объективдүү маалыматтарды сунушташы кажет. Алар конкреттүү кесиптин оң же терс жактары жөнүндө гана айтып бербеши керек. Презентация, белгилүү себептер боюнча, жеке тажрыйбага негизделиши абзел, бирок ал тең салмакталган да болушу керек. Жакшы тең салмакталган объективдүү презентацияны сунуштай албаган, кесипти же билим берүү мекемесин сунуштоону гана каалаган жактардан оолак болуу кажет.

## КЕСИПКЕ БАГЫТ БЕРҮҮ БОЮНЧА ПРОГРАММАГА АТА-ЭНЕЛЕРДИН КАТЫШУУСУ

Ата-энелердин, эреже катары, чоң иш тажрыйбасы бар, жана алар көбүнчө бул тажрыйбаны жаштарга өткөрүп берүүгө кызыкдар болушат. Практика көрсөткөндөй, ата-эне кесипке багыт берүүдө эң маанилүү жана пайдалуу өнөктөш болуп саналат.

Биз мугалимдерге кесипке багыт берүү боюнча программага мүмкүн болгон жерлердин баарына ата-энелерди кошууну сунуштайбыз. Кесипке багыт берүү боюнча программага ата-энелерди кызыктырып тартуунун бир нече ыкмалары бар:

- Мугалим же окуучулар ата-энелерди алардын кесиптери жана алардын жумуштары тууралуу баарлашуу үчүн класска конокко чакыра алышат (15-семинарды караңыз: Чыныгы жолугушууларга даярдануу).
- Окуучулар ата-энелеринен өздөрүнүн үй тапшырмасынын бөлүгү катары үйдөн интервью (ошол эле сабак) ала алышат. Ата-энелер көбүнчө кызматташууну жактырышат, жана алар мектепте жумуш менен байланышкан темалардын да козголушун жылуу колдошот.
  Бул көнүгүү окуучу менен анын ата-энесинин ортосундагы баарлашууну жана кызматташтыкты да бекемдейт.
- Ата-энелер иш менен байланышкан ишканаларга жана башка мекемелерге барууну уюштурууга да жардам бере алышы мүмкүн (чыныгы жолугушуулар).
- Мугалимдер кесиптер жана карьераны куруу менен байланышкан маселелер боюнча ата-энелер үчүн жолугушууларды/ лекцияларды уюштура алышат (7-семинарды караңыз: Ата-энелер/ камкорчулар жана балдар: Менин күтүүлөрүм).
- Кесипке багыт берүү боюнча мугалим окуучунун өзүнүн кесиби/ карьерасы тууралуу чечимине карата окуучу менен ата-эненин ортосунда талкууну (үйдө же мектепте) демилгелеши керек.

# 8. Чечимдерди кабыл алуу процессинде мугалимдердин ролу

## БОЛОЧОК ОКУУ ЖАЙ ЖАНА КЕСИП ТУУРАЛУУ КИМ ЧЕЧЕТ?

9-класстын окуучулары тарабынан болочок билим жана кесиптер тууралуу чечимдерди кабыл алуу – бул окуучулардын жана алардын ата-энелеринин жоопкерчилиги. Мугалимдер кесипке багыт берүү боюнча программаны аткаруу үчүн жана карьераны башкаруунун көндүмдөрүнө окутуу үчүн жоопкерчиликте болушаарын билиши керек, бирок алар кесипти тандоо боюнча түздөн-түз консультацияларды сунуштоо үчүн өзүнө жоопкерчилик ала алышпайт.

Бир нече изилдөөлөрдүн жыйынтыктары көрсөтүп тургандай, ата-энелер өздөрүнүн балдарынын карьерасынын өнүгүшүнө жана 14-15 жаштагы окуучулардын кесип тууралуу чечимине эң күчтүү таасир тийгизишет. Айрым эксперттер муну “расмий эмес кесипке багыт берүү” деп аташат, жана көпчүлүк учурларда ата-энелердин колдоосу оң натыйжа берет. Ата-энелер эмгек рыногу тууралуу айрым билимдерге ээ жана алардын өздүк карьерасын өнүктүрүүнүн өз тажрыйбасы бар болот. Бала менен ата-эненин ортосундагы кызматташтык качан ата-эне өзүнүн баласынын кызыгуулары менен баласынын болочок карьерасы тууралуу өздүк пикиринин ортосунда тең салмактуулукту табууга жетишкен учурда өнүмдүү болуп саналат. Мындай кызматташтык көп учурларда өздөрүнүн ата-энелеринин колдоосуна жана «жетекчилигине» муктаж болушкан, 9-класстын окуучуларынын жаш курагына байланыштуу чечүүчү мааниге ээ.

## ҮЙ-БҮЛӨ ТАРАБЫНАН ТИЕШЕЛҮҮ КОЛДООНУН ЖОКТУГУ

Айрым учурларда болочок билим жана студенттердин иши боюнча ата-энелер менен студенттердин ортосундагы кызматташтык бир кылка болуп саналбайт. Кээде, негизинен, ата-энелер баланын эркине каршы чечим кабыл алганда, бул чечим баланын болочок карьерасына терс таасирин тийгизиши да ыктымал. Алгач окуучулар тарабынан чечим кабыл алуу процессине оң таасир тийгизбеген, үй-бүлөлөрдөгү эң көп жолугушкан көйгөйлөрдү карап чыгалы.

- **Эмгек рыногу тууралуу чектелген маалымат**
  Айрым ата-энелер эмгек рыногунун керектөөлөрү жөнүндө туура эмес же чектелген маалыматтарга ээ болушат. Алар айрым кесиптер боюнча жумушчу орундары жок деп эсептешет, себеби мындай абал мындан он жыл мурун болуп келген, бирок азыр абал башкача экенин алар билишпейт. Айрым ата-энелер ишке орношууну камсыздоо үчүн менеджер, юрист ж.б. үчүн мүмкүнчүлүктөр жакшы болот деп эсептешет. Бирок чындыгында андай эмес болушу ыктымал. Көп учурларда ата-энелер айрым кесиптерде иштөө мурункудай болуп ири физикалык аракеттерди талап кылбай тургандыгын, анткени азыркы учурда машиналар оор жумушту аткарышаарын да түшүнүшпөйт.

- **Ата-энелердин баалуулуктарындагы айырма**
  Көп учурларда ата-энелер алардын баласы мисалы, беделдүү, жакшы абройлуу жана эмгек маянасы жакшы төлөнүүчү кесипти жана /же окуу жайды тандашы керек деп эсептешет.

- **Колдоонун жоктугу**
  Айрым ата-энелер, ар кыл көйгөйлөрдөн улам, өз баласынын болочок билими тууралуу чечимге жетиштүү даражада кызыгышпайт жана /же тийиштүү колдоону камсыздашпайт. Мугалим мындай үй-бүлөлөрдү окуучу менен сүйлөшүү учурунда ата-эне бала менен болочок кесип боюнча өздүк пикири тууралуу сүйлөшпөй тургандыгын аныктай алат. Айрым учурларда сүйлөшүүнүн жоктугу бала менен ата-энелердин ортосундагы чыр-чатактын белгиси болуп саналат.

- **Баланын эркине каршы чечимди кабыл алуу**
  Айрым ата-энелер мындай чечимди жогоруда аталган бир же бир нече себептер боюнча кабыл алышы ыктымал. Бул оолак болуучу жагдай, себеби ал баланын болочок карьерасына жана турмушуна терс таасирин тийгизиши ыктымал.

### ТАТААЛ КЫРДААЛДАРДА МУГАЛИМДИН РОЛУ

Кесипке багыт берүү боюнча программаны ишке ашыруунун жүрүшүндө мугалим окуучулар менен талкуулоо аркылуу алардын карьерасын өнүктүрүү үчүн окуучу өз үй- бүлөсү тарабынан тиешелүү колдоого ээ болуп келеби же жокпу аныктай алат. Мугалим потенциалдык көйгөйдү аныктаган учурда, ал тууралуу ата-энелер менен сүйлөшүү жана аларга тиешелүү колдоо канчалык маанилүү экендигин жана айрым чечимдер, айрыкча эгер алар баланын эркине каршы жасалган болсо, алардын баласынын болочок карьерасына терс таасирин тийгизиши ыктымал экендигин түшүндүрүү сунушталат.

Мындай учурларда, мугалим тарабынан ата-энелерге жана окуучуларга, эгер андайлар бар болгон болсо, карьера боюнча консультантка барууну сунуштоо кеңеши берилет.

## 9. Кесипке багыт берүүдөгү этикалык ченемдер (нормалар)

Кесипке багыт берүү көпчүлүк өлкөлөрдө өзүнүн этикалык ченемдери (нормалары) бар болгон кесип болуп эсептелинет. Кесипке багыт берүү боюнча өздүк этикалык ченемдери (нормалары) болбогон өлкөлөр Окуу жана кесипке багыт берүүнүн Эл аралык ассоциациясынын - ***IAEVG (iaevg.net)*** этикалык ченемдерин (нормаларын) колдонушат. Этикалык ченемдер (нормалар) кесипкөйлөр (мисалы, кесипке багыт берүү боюнча консультанттар) үчүн гана эмес, ошондой эле кесипке багыт берүүнү сунуштап жаткан бардык башка кызматкерлер, анын ичинде класстарда кесипке багыт берүү программасын жүзөгө ашырып келген окутуучулар үчүн да актуалдуу. Этикалык ченемдер (нормалар) кесипке багыт берүүнү сунуштап келген мекеменин жетекчилиги үчүн да мааниге ээ.

Окуу жана кесипке багыт берүү боюнча Эл аралык ассоциация – IAEVG сапаттуу кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо, изилдөөлөрдү жүргүзүү жана кардарлардын кызыкчылыктарын илгерилетүү менен алектенген кесипкөй мекеме болуп саналат. Ошентип, IAEVG этикалык ченемдери (нормалары), башка билим берүүчү, илимий жана кесиптик мекемелердегидей эле, IAEVG мүчөлөрү кызмат кылган жактардын баалуулуктарын, артыкчылыктарын, потенциалын жана уникалдуулугун жогорулатууга багытталган.

Мугалимдер үчүн эң эле маанилүү ченемдер болуп төмөнкүлөр саналышат:

### Кардарлар алдындагы этикалык жоопкерчилик

1. Окуу жана кесипке багыт берүү боюнча кызмат көрсөтүлүп жаткан ар бир адамдын кадырын сыйлоо. Бул милдеттеме өзүнө адам баласынын өз алдынча тандоо жасоого, багыттарды өз алдынча издөө менен алектенүүгө, ошондой эле өзүн-өзү өнүктүрүүгө, купуялуулукту (конфиденциалдуулукту) сактоого болгон укугун таанууну камтыйт.
2. Окуу жана кесипке багыт берүүдө ар кандай социалдык абалы же билими, жыныстык белгилери, расалык жана этникалык тиешелүүлүгү, диний ишенимдери, сексуалдык багыты же майыптуулугуна залал тийгизбестен бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыздоо жана басмырлоонун (дискриминациянын) бардык формаларынан оолак болуу.
3. Купуялуулук (конфиденциалдуулук) – кардарлар тууралуу маалыматтардын жашырындуулугун/ купуялуулугун (конфиденциалдуулугун) милдеттүү түрдө сактоо. Маалыматтар мыйзамдардын талаптарына жана мекеменин саясатына ылайык колдонулушу керек.
4. Кардардын өз алдынча аракеттерин бекемдөө жана, натыйжада, кардарга аң-сезимдүү таасир этүүдөн карманную же кандайдыр бир тандоого, баалуулуктарга, жашоо мүнөзүнө, пландарга же кардардын жеке багыт алуусун же көз караштарын чагылдырбаган, консультанттын же башка

адамдардын көз карашын билдирген ишенимдерге (мисалы, экономикалык жашоого карата жалпы көз караш) таасир этүү.

5. Карьера боюнча адистер кардарларга жаңы ыкмалардын артыкчылыктарын жана изилдөө жүргүзүү же баалоону өткөрүү, аларды пайдаланууну талап кылган учурда, тиешелүү компьютердик тиркемелерди сунушташат. Консультант/практик компьютердик тиркемелерди же башка ыкмаларды колдонуу кардардын жеке керектөөлөрүнө шайкеш келишин, кардар ошол ыкмаларды жана процесстерди кантип колдонууну, жана кийинки консультациялык жардам бериле тургандыгын түшүнүүсүн камсыздашы керек.

6. Сунушталган маалымат ачык, так жана актуалдуу болушу шарт жана адаштыруучу же туура эмес багыттоочу материалдарды камтыбашы керек.

7. Эгер кесипке багыт берүү боюнча адистер жардамын көрсөтө албаса же болбосо өзүнүн кесипкөй жардам көрсөтүүсүн уланта албаса, анда ал кардарды тиешелүү адистерге жөнөтүшү керек.

# 2-БӨЛҮМ. 9-класста кесипке багыт берүү боюнча семинарлар

## 1-ТЕПКИЧ: Өзүн-өзү таануу

Бул бөлүмдө кесипке багыт берүү боюнча беш тепкичтүү моделдин ичинен, окуучулардын аң-сезимин жогорулатуу негизги максаты болуп саналган 1-тепкич (фаза) үчүн (Өзүн-өзү баалоо) көнүгүүлөр камтылган: окуучулар өздөрүнүн кызыкчылыктарын, жөндөмдүүлүктөрүн, көндүмдөрүн, баалуулуктарын жана болочоктогу кесибине жана карьерасына төп келген башка жеке мүнөздөмөлөрүн кантип аныктоо жана баалоо керектигин үйрөнүшөт.

Мектептер кесипке багыт берүү программасын ишке ашыруу үчүн ар кыл шарттарга ээ болушат, ошондой эле окуучулардын керектөөлөрү да өзгөрүп турушу ыктымал. Ошол себептен улам бул бөлүмдөгү көнүгүүлөрдүн саны, учурдагы кырдаалда, мектеп программасына интеграциялоо үчүн керек болгондон да көбүрөөк. Бул мугалимдерге алардын мектептеринде колдонууга ылайыктуу жана туура келген көнүгүүлөрдү тандоо мүмкүнчүлүгүн берет. Мисалы, окуучулардын кызыкчылыктарын тестирлөөнүн эки варианты бар. Биринчиден, сунуш кылынган вариант – кызыкчылыктардын тестинин компьютердик версиясын колдонуу

(Э-электрондук) – Кызыкчылыктар Навигатору), а бирок мугалимдер кызыкчылыктар тестинин басмадан чыгарылган кагаз жүзүндөгү вариантын да (Кызыкчылыктар Навигатору) колдоно алышат.

# 1. Киришүү презентациясы

**МАКСАТТАР:**

- Окуучуларды 9-класстар үчүн кесипке багыт берүү боюнча программа менен тааныштыруу
- Биргелешип иштешүү үчүн мотивациялоо
- Кесипке багыт берүү боюнча портфель менен окуучуларды тааныштыруу
- Кызыкчылыктар жөнүндөгү тест менен тааныштыруу

**Ыкмалар:** Мугалимдин презентациясы, материалдар менен иштөө, алмашуу.

**Сабактын жүрүшү:**

1. *Окуучулардын кесипке багыт берүү (КБ) жана карьераны өнүктүрүү (КӨ) боюнча программа менен таанышуусу.*
   9-класста кесипке багыт берүү программасынын мазмуну, максаттары жана жыйынтыктары, иштөө ыкмалары жана ишке ашыруу мөөнөттөрү боюнча ой жүгүртүүлөр.
   Презентация үчүн мугалимдер бул колдонмонун биринчи бөлүгүндөгү материалдарды колдонушат (Алкактык мерчем (план): Орто мектептин жогорку класстарында кесипке багыт берүү)
2. *Окуучунун портфели менен таанышуу.*
   Презентация: портфель: Чечимге карай беш кадам, документтин максатын, окуучулар портфель менен кантип иштей тургандыгы тууралуу түшүндүрүү; жаштарга материалдарды карап чыгууну, өздөрүнүн түшүндүрмөлөрүн жана суроолорду берүүнү сунуш кылуу.
3. *Өз кызыкчылыктарын сунуштоо – жуптарда алмашуу*
   Жуптарга бөлүнүү жана ар бир окуучу төмөнкүдөй суроолорго жооп берет: Сен эмне кылганды жакшы көрөсүң/ эмне менен алектенип жатканда ырахат аласың? Сенин хоббиң кандай?
4. *Жуптардын презентациясы*
   Жуптардын презентациясы: ар бир окуучу өзүнүн шеригинин кызыкчылыктары жана хоббиси тууралуу класстын алдында айтып берет.

**Убактысы:** 45 мүнөт

**Социалдык формасы:**
Жупташып иштөө жана окуучулардын презентациялары, талкуу.

**Сабак үчүн материалдар:**
Кесипке багыт берүү боюнча окуучунун портфели

## 2. Семинар: Кызыкчылыктар дүйнөсүндө

**МАКСАТТАР:**

- Өздүк кызыкчылыктарды аныктоо жана таануу;
- Кызыкчылыктарды тандоо боюнча аргументтерди сунуш кылуу.

**Усул (Методика):** Кызыкчылыктар боюнча тест менен иштөө, талкуулар.

**Сабактын жүрүшү:**

1. *Кызыкчылыктар боюнча тест - Кызыкчылыктар навигатору менен жеке иштөө.*
   Ар бир окуучу Кызыкчылыктар навигаторунун басмадан чыгарылган кагаз жүзүндөгү же электрондук версиясын толтурат.
2. *Өздүк жеке түшүнүктөр тууралуу ой жүгүртүүлөр.*
   Окуучулар жупташып иштешет жана бири-бирине өздөрүнүн күчтүү кызыкчылыктары тууралуу айтып беришет. Алар өздөрүнүн кызыкчылыктары тууралуу: өздөрүнүн кызыкчылыктарын мектепте, анын аймагынан башка жерлерде кантип көрсөтүп жатышкандыгы, эмне үчүн аларга бир нерсе жагат жана башкалары жакпай тургандыгы тууралуу ой жүгүртүшөт.

**Убактысы:** 45 мүнөт.

**Социалдык формасы:** жеке иштөө, топтук иштөө.

**Сабак үчүн материалдар:** Кызыкчылыктар навигатору.

КЫЗЫКЧЫЛЫКТАР ЖӨНҮНДӨГҮ ТЕСТТИ АТКАРУУ БОЮНЧА НУСКАМА (Кызыкчылыктар навигатору)

*Кызыкчылыктар жөнүндөгү тесттин компьютердик версиясы*

Биз мектептерге 9-класстын бардык окуучулары үчүн, GIZ менен биргеликте Эмгек министрлиги тарабынан иштелип чыккан, компьютердик тесттен өтүшүн уюштурууну сунуштайбыз. Кызыкчылыктар жөнүндөгү тест жеке кызыкчылыктар кандайча кесиптин ар кыл тармактарына төп келгендигинин жалпы көрүнүшүн берет.

Бул тест мектептин компьютердик классында уюштурулушу мүмкүн. Тесттин суроолоруна жоопторду толтуруу 30 мүнөткө жакын убакытты алат. Окуучулар тесттин жыйынтыктарын басып чыгарышы жана аны кесипке багыт берүү боюнча портфелге салышы керек. Класста тесттин жыйынтыктарын талкуулоону өткөрүү керек.

*Кызыкчылыктар жөнүндөгү тесттин басмадан чыгарылган кагаз жүзүндөгү версиясы*

Кызыкчылыктарды аныктоо ыкмаларынын дагы бири болуп кызыкчылыктар жөнүндөгү тесттин, кесипке багыт берүү боюнча портфелдерде жайгашкан, басмадан чыгарылган кагаз жүзүндөгү версиясын толтуруу болуп саналат. Окуучуларга бул тестти класста кантип аткаруу керектигин түшүндүрүп бериңиз. Тестти толтурууга 30 мүнөткө жакын убакыт керектелет. Тестти аткаргандан кийин, окуучуга кантип баалоо жасоо керектигин түшүндүрүңүз. Окуучулар өздөрүнүн жыйынтыктарын белгилеп көрсөтүшү керек жана толтурулган тесттерди кесипке багыт берүү боюнча портфелге салышы керек. Тесттин жыйынтыктарын класста талкуулоо окуучулар үчүн өтө пайдалуу болот.

## ИШ БАРАКЧА:
## КЫЗЫКЧЫЛЫКТАР НАВИГАТОРУ ТЕСТИНИН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

**Аты, атасынын аты:** _________________________________________

**Жаш курагы:** _____

**Жынысы:** аял □ эркек □

| | Маани | Пайыз | | |
|---|---|---|---|---|
| | | төмөнкү 33% чейин | орточо 67% чейин | жогорку 100% чейин |
| 1. Жаратылыш | | | | |
| 2.Тамактануу | | | | |
| 3. Формасы | | | | |
| 4.Курулуш, турмуш-тиричилик техникасы. Интерьерлердин дизайны. Жыгач иштетүү | | | | |
| 5. Техникалык тармак. Техникалык устачылык | | | | |
| 6. Мерчемдөө (Пландоо), Эсептөөлөр. Техникалык чийүү (черчение), Компьютердик илим. Өздөштүрүү. Изилдөөлөр. | | | | |
| 7. Соода, башкаруу, сатуулар. Транспорт, бизнес. Информатика | | | | |
| 8. Тилдер, адабият, Жаңылыктар, театр, музыка, искусство таануу, гуманитардык илимдер | | | | |
| 9. Адамдар менен баарлашуу, билим берүү. Саламаттыкты сактоо, кеңеш берүү (консультациялоо), кам көрүү, жардам | | | | |

# 3. Семинар: Көндүмдөр жана жөндөмдүүлүктөр дүйнөсүндө

**МАКСАТТАР:**

- Өз жөндөмдүүлүктөрүн жана көндүмдөрүн аныктоо жана өздөштүрүү
- Башкалардын көндүмдөрүн жана жөндөмдүүлүктөрүн таануу жана сыйлоо.

**Ыкмалар:** Оюн, анкета, талкуулар

**Сабактын жүрүшү:**

1. *Көндүмдөрдүн жана жөндөмдүүлүктөрдүн ролу*
   Мугалим окуучулардын колунан эмне жакшы келсе, ошону жасоону уланта турган болушса, алар карьерасында ийгиликтүү боло тургандыгын, ар бир окуучу үчүн көндүмдөрдү жана жөндөмдүүлүктөрдү баалоонун маанилүүлүгүн сунуштайт.
2. *Көндүмдөргө карата оюндар («Ысык отургуч»)*
   Отургуч ортого коюлат, жана окуучулар аны айланып басышат. Мугалим мүнөзгө тиешелүү сапатты, көндүмдү, шык-талантты атайт, жана кимде-ким мындай сапат ага тиешелүү деп эсептесе, ал мүмкүн болушунча тез отургучтан орун алышы керек, ал эми андай шык ага таандык эмес болсо отургучтан алысташы керек. “Ысык отургучтан” орун алган оюнчудан мугалим эмне себептен аларда аталган сапат бар деп эсептей тургандыгын сурашы мүмкүн. Алардан аны көрсөтүп берүүнү сураныш ыктымал (мисалы, эгер аталган сапат кандайдыр бир “өзгөчө курч” тил болсо, анда катышуучу кандайдыр бир ташка тамга баскандай нерсени айтып бериши керек; эгер бул физикалык сапат болсо, анда физикалык көнүгүү же дагы бир нерсе жасашы керек; чет тилинде сүйлөй билүү ж.б.).
3. *“Көндүмдөр жана жөндөмдүүлүктөр дүйнөсүндө” жумушчу баракчасы менен иштөө*
   Ар бир окуучу “Көндүмдөр жана жөндөмдүүлүктөр дүйнөсүндө” шкаласы менен иштейт. Окуучулар тапшырманы аткарып бүткөндөн кийин, алар өздөрүнүн күчтүү көндүмдөрүнүн жана жөндөмдүүлүктөрүнүн тизмесин өз портфелдерине топтошот.
4. *Жуптарда көндүмдөрдү жана жөндөмдүүлүктөрдү баалоо*
   Жуптагы бир адам “Көндүмдөрдүн жана жөндөмдүүлүктөрдүн сүреттөлүшү” мамычасынан сүйлөмдөрдү окуп берет. Ошол эл убакта жуптун эки мүчөсү тең манжалары менен “начардан” тартып “эң жакшы” дегенге чейин баллдардын шкаласы боюнча баалардын бирин көрсөтүшөт. Алгач алар аны А деген адам үчүн, андан кийин В деген адам үчүн жасашат. Андан соң алар бааларынын дал келүүлөрүн/дал келбестиктерин талкуулашат.

**Убактысы:** 45 мүнөт.

**Социалдык формасы:**
Жеке иштөө, жупташып иштөө.

**Сабак үчүн материалдар:**
Жумушчу баракча: “Көндүмдөр жана жөндөмдүүлүктөр дүйнөсүндө”.

# Иш БАРАКЧА:
# КӨНДҮМДӨР ЖАНА ЖӨНДӨМДҮҮЛҮКТӨР ДҮЙНӨСҮНДӨ

## СЕНИН КӨНДҮМДӨРҮҢ ЖАНА ЖӨНДӨМДҮҮЛҮКТӨР

Ар бир кесипте белгилүү бир көндүмдөр жана жөндөмдүүлүктөр талап кылынат. Бул иш баракча сизге өзүңүздүн көндүмдөрүңүздү жана жөндөмдүүлүгүңүздөрдү өз алдынча баалоого жардам берет. Шык-таланттардын жана жөндөмдүүлүктөрдүн бардык сүрөттөлүштөрүн окуп чыгыңыз. Аларды мектепте, үйдө жана бош убактыңызда кантип көрсөтө алам деп өзүңүздөн сураңыз. Оң тилкеден белгиче коюу менен өзүңүздүн бааңызды белгилеңиз.

## СИЗДИН КЛАССТАГЫ СИЗДИН КУРАГЫҢЫЗДАГЫ ӨСПҮРҮМДӨР МЕНЕН АЛАРДЫ САЛЫШТЫРЫҢЫЗ

Айрыкча Сиз “жакшы” же болбосо “эң жакшы” деп аң-сезимдүү түрдө белгилей турган пункттарды табыңыз. Мындай пункттар үчтөн кем эмес болушу керек. Бул көндүмдөр жана жөндөмдүүлүктөр маанилүү! Өз кезегинде, бирок, сизде кандай көндүмдөр жок экендигин билүү да маанилүү.
Бул Сиз “жаман” же “начар” деп белгилеген пункттар. Жөн гана ортосунан тартып белгилегенге аракеттенбеңиз – чечкиндүү болуңуз!

| Көндүмдөрдүн жана жөндөмдүүлүктөрдүн сүрөттөлүшү | Жаман | Начар | Орточо | Жакшы | Эң жакшы |
|---|---|---|---|---|---|
| **1 Кол менен иштөө көндүмдөрү** Өзүнүн бош убактысында кол менен майда жумуштарды аткаруу же иш үчүн бир нерселерди түзүү: буюмдарды оңдоо, ишти тез жана жакшы аткаруу үчүн гаджеттерди кандоо. | | | | | |
| **2 Дене көндүмдөрү жана ден соолук** Ачык абада спорт менен машыгуу же көчөдө иштөө үчүн денеси жактан ийкемдүү, чыдамдуу, көтөрүмдүү болуу үчүн, аба-ырайынын шарттарына даяр болуш үчүн. | | | | | |
| **3 Көңүл буруу, ойду топтоо (Концентрация)** Тапшырмага көңүл буруп, ой топтоп жана кунт коюп кабылдоо. | | | | | |
| **4 Сөздөргө жана сандарга карата эс-тутум** Жатталган сөздөрдү, тексттерди жана сандарды эске сактап калуу үчүн | | | | | |
| **5 Формаларга карата эс-тутум** Түстөрдү, формаларды, объекттерди же жүздөрдү эстеп калуу үчүн. | | | | | |
| **6 Кыял чабыты (фантазия) жана чыгармачылык** Дил баяндарды жазуу, мектепте же үйдө практикалык тапшырмаларды аныктоо же чыгаруу үчүн жакшы акыл-эстик жөндөмдүүлүктөргө ээ болуу. | | | | | |

# ИШ БАРАКЧА:
# КӨНДҮМДӨР ЖАНА ЖӨНДӨМДҮҮЛҮКТӨР ДҮЙНӨСҮНДӨ

| Көндүмдөрдүн жана жөндөмдүүлүктөрдүн сүрөттөлүшү | Жаман | Начар | Орточо | Жакшы | Эң жакшы |
|---|---|---|---|---|---|
| **7 Жазуу, окуу**<br>Сөздөрдү жана фразаларды оңой, тез жана жакшы окуй билүү. Ишти аткаруунун эрежелерин түшүнүү, китептердеги же журналдардагы аңгемелерди түшүнүү, тексттеги каталарды көрүү. | | | | | |
| **8 Сүйлөө**<br>Туура жана жөнөкөй сүйлөө, өз ойлорун формулировкалоо жана аларды түз байланышууда же телефон боюнча сүйлөшүүдө оозеки билдирүү. | | | | | |
| **9 Математика**<br>Эсептөөлөрдү, эсеп-кысапты, алгебраны, геометрияны, физиканы жана сандарга тиешелүү болгондордун баарын оңой жана тез түшүнүү. | | | | | |
| **10 Чийүү (черчение) жана дизайн**<br>Кол менен сүрөт тартуу, жаа чийүү боюнча эң жакшы жөндөмдүүлүктөр. | | | | | |
| **11 Геометриялык чийүү (черчение)**<br>Мыкты чийүү жөндөмдүүлүктөрү.<br>Геометриялык жана техникалык чиймелердеги тактык. | | | | | |
| **12 Техникалык жөндөмдүүлүктөр**<br>Түзүлүштөрдүн жана жабдуулардын функциялары тез жана так түшүнүү, шаймандар жана техникалык түзүлүштөр менен иштөө көндүмү, механикалык принциптерди түшүнүү. | | | | | |
| **13 Форма берүү боюнча көндүмдөр**<br>Чийүү,конструкциялоо, моделдештирүү же кооз формалардын же объекттердин дизайнын түзүү. | | | | | |
| **14 Мейкиндиктик ой жүгүртүү**<br>Мерчемде (планда) чагылдырылган объекттер чындыгында кандай боло тургандыгын оңой жана кыйналбастан эле элестете алуу. Чиймени, алгачкы чиймелемерди жана карталарды түшүнүү. Бул объекттер ар тараптан караганда кандай көрүнө тургандыгын элестете алуу. | | | | | |

## ИШ БАРАКЧА:
## КӨНДҮМДӨР ЖАНА ЖӨНДӨМДҮҮЛҮКТӨР ДҮЙНӨСҮНДӨ

| Көндүмдөрдүн жана жөндөмдүүлүктөрдүн сүрөттөлүшү | Жаман | Начар | Орточо | Жакшы | Эң жакшы |
|---|---|---|---|---|---|
| **15 Пландоо жана уюштуруу**<br>Бош убакытты өткөрүүнү, үй тапшырмасын аткарууну, мектептеги жумуштарды аткаруу жана тапшырмаларды аткарып бүтүрүүнү пландоо билгичтиги. Баардыгын системалоо билгичтиги. Эмнени биринчи кезекте, жана кайсыны экинчи кезекте жасоо зарылдыгын түшүнүү. | | | | | |
| **16 Абстракттык-логикалык ой жүгүртүү**<br>Теориялык суроолорду, эрежелерди, илимий мыйзамдарды жана логикалык тапшырмаларды тез, оңой жана так түшүнүү. Мисалы, грамматиканы, математиканы, физиканы, компьютердик илимди, ой жүгүртүү оюндарында чечимдерди табуу. | | | | | |
| **17 Коммуникациялык көндүмдөр**<br>Адамдар менен бирге болуу жана алар менен сүйлөшүү, аларды түшүнүү жана алар менен мамиле түзө билүү. Жакшы таасир калтыруу, ак көңүл болуу. | | | | | |
| **18 Жардам берүүгө даярдык**<br>Адамдарга жардам берүү же алар жөнүндө кам көрүү. Адамдарга көйгөйлөрүн чечүүгө жардам берүү, аларга бир нерсени түшүндүрүү жана алардын ойлорун жана сезимдерин түшүнүү. Кимдир-бирөөгө өзү жакшы сезиш үчүн жардам берүү. Сылыктык жана чыдамдуулук. | | | | | |

# 4. Семинар: Баалуулуктар дүйнөсүндө

**МАКСАТТАР:**

- Өздүк баалуулуктарды аңдоо
- Башка адамдардын баалуулуктарын таануу жана сыйлоо

**Ыкмалар:** акыл чабыты , карталарды ирееттөө, талкуу

**Сабактын жүрүшү:**

1. *Мугалимдин киришүүсү*
   Мугалим баалуулуктар жана биздин жашоо-тиричиликтин жана карьеранын “кыймылдаткыч күчү” катары маанилүүлүгү тууралуу түшүнүктү кыскача кийирет.
2. *Баалуулуктарды аныктоо*
   Мугалим баалуулуктар жазылган карточкаларды таратат. Ар бир окуучу бирден баалуулукту окуйт жана аны кандайча түшүнө тургандыгын айтып берет.
3. *Баалуулуктар пирамидасы*
   Мугалим классты беш топко бөлөт. Ар бир топко төмөнкү кесиптеги адамдарга: бала багуучу, полиция кызматкери, мугалим, автомеханик жана атка минерге таандык болгон баалуулуктарды аныктоо тапшырмасы берилет.
   Ар бир топ ошол кесиптердеги, эң маанилүү баалуулуктар үстүндө, ал эми анчейин маанилүү эместерин ылдый жагына жайгаштыруу менен, өздөрүнүн артыкчылыктарына ылайык баалуулуктар жазылган он беш карточканы уюштурушат.
4. *Жыйынтыктарды талкуулоо*
   Топтор ортосунда айырмаларды талкуулоо. Мугалим ар бир окуучу топтун жыйынтыктары менен макул болбошу мүмкүндүгүн белгилеп өтүшү керек, бирок бул көнүгүү башка адамдардын баалуулуктарын сыйлоого да үйрөтөт. Окуучулардын пикирлериндеги айырмалардын болушу жакшы, себеби ар кандай кесиптер ар кандай баалуулуктарды талап кылат.

**Убактысы:** 45 мүнөт

**Социалдык формасы:** Топтордо иштөө, талкуу.

**Сабак үчүн материалдар:**
Баалуулуктар жазылган карточкалардын беш топтому, флип-чарттар (чоң кагаз барактар), түөнөгүчтөр.

## ИШ БАРАКЧА:
## КАРТОЧКАЛАРДЫ ИРЕТТӨӨ: БААЛУУЛУКТАР

### СЕМИНАР ҮЧҮН ИШ ТАБЛИЦА: БААЛУУЛУКТАР ДҮЙНӨСҮНДӨ

| | | | |
|---|---|---|---|
| Дегенин койбогон | Чынчылдык | Тырышчаактык | Түшүнүү |
| Чыдамдуулук | Кайрымдуулук | Адилеттүүлүк | Кайраттуулук |
| Сабырдуулук | Көз карандысыздык | Чечкиндүүлүк | Башкаларга болгон ишеним |
| Көңүл буруу | Элестетүү | Ак ниеттүүлүк, боорукердик | Ыраазычылык |
| Жоопкерчилик | Бийлик | Тактык | Тандоо эркиндиги |
| Салыштыруу | Сүйүү | Берешендик | Жардам берүүгө жөндөмдүү |
| Кызматташтык | Колдоо | Чынчылдык | Өзүнө ишенүү |
| Өтө тактык | Чыдамдуулук / толеранттуулук | Кечире алуу | Ачыктык |

# 5. Семинар: Башкалардын көз алдында

**МАКСАТТАР:**

- Өз жөндөмдүүлүктөрүн, шыктарын жана артыкчылыктарын аныктоо
- Башкаларга оң пикирлерди сунуш кылуу
- Өзүнүн образын, өзүн кандай адам катары көрүп жаткандыгы менен жана аны башкалар кандай көрө тургандыгын салыштыруу жолу менен көрүү

**Ыкмалар:** Топтук иштөө, пикирлерди, толуктоолорду сунуш кылуу

**Сабактын жүрүшү:**

**1.** *Алмашуу үчүн тапшырмалар камтылган АТОМ оюну*
Окуучулар класста эркин кыймылда болушат, жана качан гана мугалим алакан чаап, санды атаганда, окуучулардын ошончо саны кол кармашышат жана атомду түзүшөт. Атом түзүлгөн сайын – топко тапшырма берилет. Тапшырма аяктагандан кийин 2-3 мүнөттөн соң атом ажырайт жана окуучулар ары-бери баса башташат жана качан мугалим белги бергенде, алар жаңы атом түзүшөт.

*Атомдордун жаралышынын ар бир айланасынан кийин бири-бири менен алмашуу үчүн тапшырмалар:*

- Сизге эмне жагат?
- Сиздин колуңуздан эмне жакшы келет? Сиз баарынан эмнени мыкты аткара аласыз, сиз өзүңүздүн шык-талантыңыз үчүн сыйлык же күбөлүк алдыңыз беле?
- Хоббиңиз барбы, жана хоббиңиздин сиздин кыялыңыздагы кесип менен кандайдыр бир жалпылыгы барбы?

**2.** *Аккордеон.*
Окуучулар айлана болуп отурушат; алар А4 форматындагы барактарды жана төмөнкүдөй тапшырманы алышат: барактын бетине өз атыңызды жазыңыз жана жазууну айлананын аягында “аккордеон” боло тургандай кылып бүктөңүз. Ар бир катышуучу өз баракчасын оң тарапка жибериши керек, жана Сизге сол тараптан келген ар бир баракчага Сиз баракчада аты жазылган адамдын мүнөзүнө тиешелүү сапатын жазышыңыз керек. Андан соң баракчаны, Сиздин жазууңуз көрүнбөгөндөй кылып, кайрадан бүкмө түрүндө бүктөңүз жана баракчаны кийинки адамга узатыңыз, оюнду Сиздин атыңыз жазылган баракчаны алгычакты уланта бериңиз.

**3.** *Ой жүгүртүүлөр - таасирлер*
Сизди башкалар кандайча көрүшөт? Сизди эмне жагымдуу таасирлентти? Сиз өзүңүз тууралуу эмнени эч качан айтпайт элеңиз? Бул баракчада эмне камтылышы керек эле жана башкалар сиздин сапатыңыз же артыкчылыгыңыз катары эмнени байкабай калышты? Окуучулар каалоосу боюнча пикирлерин айта алышат.

**Убактысы:** 45 мүнөт.

**Социалдык формасы:** жеке иштөө.

**Сабак үчүн материалдар:**
Ар бир окуучу үчүн А4 форматындагы кагаздын барактары.

# 6. Аң-сезим/автопортрет

**МАКСАТТАР:**

- Өзүн-өзү таануу, башка адамдарды кандай болушса, ошондой кабыл алуу;
- Өзүнүн портретин карап чыгуу, өзүнүн артыкчылыктарын ишенимдүү сүрөттөө;
- Өздүк жөндөмдүүлүктөрдү баалоо;

**Ыкмалар:** Көргөзмө-галерея, материалдардын үстүндө иштөө

Сабактын жүрүшү:

1. *“Сүйлөмдү улант”.*
   Катышуучулар аларды баарынан мыкты сүрөттөгөн сапат менен “Мен...” деген сүйлөмдү толукташат.
2. *“Өзүңдү сүрөттөп бер”*
   Ар бир катышуучу өзүнүн портретин тартып жана өзүнүн сапаттарын булуттарга жазат.
3. *Портреттердин көргөзмөсү/галереясы*
   Катышуучулар аудиториянын дубалдарына портреттерди – жарымын бир жагына, калганын башка жагына илип чыгышат. Алгач катышуучулардын бир жарымы өздөрүнүн портреттеринин жанына турушуп өз сапаттары жана өзүн презентациялоо боюнча катышуучулардын экинчи жарымынан мактоолорду/сыйлыктарды угушат. Андан соң ушул эле жол-жобо (процедура) катышуучулардын экинчи жарымы үчүн кайталанат.
4. *Ой жүгүртүү*
   Өзүн-өзү таануунун, өз жөндөмдүүлүктөрүн таануунун, өз артыкчылыктарын таануунун, башка адамдардын сапаттарын, жөндөмдүүлүктөрүн жана артыкчылыктарын таануунун маанилүүлүгү тууралуу ой жүгүртүү.

**Убактысы:** 45 мүнөт

**Социалдык формасы:** өз алдынча иштөө.

**Иштөө үчүн керектелүүчү материалдар:**

- 1-Жумушчу баракча: Мүнөздөмөлөрдүн мисалдары, маркерлер
- 2-Жумушчу баракча: Аяктабаган сүйлөмдөр
- 3-Жумушчу баракча: Автопортрет

**Эскертүү:** Автопортреттер ата-энелер менен иштөө үчүн колдонулат.

## 1-ИШ БАРАКЧА:
## МҮНӨЗДӨМӨЛӨРДҮН МИСАЛДАРЫ

### 1-ИШ БАРАКЧА: МҮНӨЗДӨМӨЛӨРДҮН МИСАЛДАРЫ

Сизге тапшырма бул өзүңүздү жана өзүңүздүн мүнөзүңүздөгү сапаттарды ачуу жана сунуш кылуу. Өзүңүздүн мүнөзүңүздүн сапаттарын оңой таануу жана "МЕН..." саптарына кийирүү үчүн, тизмеден мүнөздөрдүн түрлөрүнүн арасынан тандоо менен, мүнөздөмөлөрдүн сунушталган тизмесин колдонуңуз.

### МҮНӨЗДҮН ТҮРЛӨРҮНҮН МИСАЛДАРЫ

| | | |
|---|---|---|
| Тырышчаак | Тамашалуу | Тыкан |
| Активдүү | Кызыктуу (күлкү келтире турган) | Шамдагай |
| Кайрымдуу | Аракетчил | Атлеттик денелүү (тулку-бойлуу) |
| Жардам кылууга даяр | Шайыр | Көтөрүмдүү |
| Максатка умтулган | Музыкага шыктуу (музыкага жакын) | Кайраттуу |
| Мамилечил, адамдар менен таанышууну жакшы көрөт | Ишенимдүү | Сылык |
| Берешен | Ак көңүл | Сонун (жакшы) |
| Адептүү | Достошууга шыктуу | Күлкүмүштүү |
| Сабырдуу | Ойчул | Чыдамдуу |
| Сак | Так | Боорукер |
| Боорукер, жумшак | Күчтүү | Көңүл кош карабаган |
| Чыгармачыл | | |

## **2-И Ш БАРАКЧА:**
## АЯКТАБАГАН СҮЙЛӨМДӨР

Мурунку беттеги мүнөздөрдүн түрлөрүнүн тизмесин пайдалануу менен сүйлөмдөрду аягына чыгарыңыз

| |
|---|
| Мен ... |
| Мен ... |
| Мен ... |
| Мен ... |
| Мен ... |
| Мен ... |
| Мен ... |
| Мен ... |
| Мен ... |
| Мен ... |
| Мен ... |
| Мен ... |
| Мен ... |

# 3-ИШ БАРАКЧА:
# АВТОПОРТРЕТ

Өзүңүздү борбордогу айлананын ичинде элестетиңиз. Анын айланасындагы булутчаларды мүнөзүңүздөгү Сиз сыймыктанган сапаттарыңыз менен толтуруңуз.

## МЕНИН АВТОПОРТРЕТИМ, МҮНӨЗҮМДҮН БЕЛГИЛЕРИ МЕНЕН

## 7. Ата-энелер/камкорчулар (багуучулар): менин үмүттөрүм (күтүүлөрүм)

**МАКСАТТАР:**

- Баланын сапаттары жана жөндөмдүүлүктөрү тууралуу кабардар болуу;
- Балдарга жана жаштарга колдоо көрсөтүүдө жана аларды өнүктүрүүгө багыт көрсөтүүдө ата-энелерге жардам;
- Ата-энелердин жана балдардын көз караштарын аныктоо жана түшүнүү процессине көмөк көрсөтүү.

**Ыкмалар:** Көргөзмө, эл алдындагы презентация

**Сабактын жүрүшү:**

1. *Сүйлөмдү улантуу тапшырмасы*
   Ата-энелер өздөрүнүн балдарына таандык сапаттар менен сүйлөмдү улантышат: “Мен кызым Софиянын (элпектиги, байкагычтыгы, акылы, зээндүүлүгү ж.б.)........ менен сыймыктанам”.
2. *Өзүнүн баласынын автопортретин издөө*
   Балдардын мүнөздөмөлөрү жазылган автопортреттери столдун үстүндө жайылып коюлган, бирок аларда коюлган колдор (кол тамгалар) жок. Ата-энелер балдарынын автопортреттерин табышы керек.
3. *Портреттер боюнча балдардын жана ата-энелердин ортосундагы пикир алмашуу.*
4. *Топтогу ата-энелердин ортосундагы пикир алмашуу.*

**Убактысы:** 60 мүнөт

**Социалдык формасы:** жупташып иштөө

## 8. Эмгектин азыркы дүйнөсүнүн картинасы жана кесиптер үчүн талап кылынган негизги иш-билгилик (компетенциялар)

**МАКСАТТАР:**

- Эмгектин азыркы дүйнөсүн түшүнүү;
- Азыркы кесиптер үчүн өзөктүү иш-билгиликти (компетенцияларды) аныктоо;
- Өзөктүү иш-билгиликтин (компетенциялардын) маанилүүлүгүн түшүнүү, алардын жана кесипке багыт берүү боюнча программанын максаттарынын ортосундагы байланыштарды өнүктүрүү жана бекитүү.

**Ыкмалар:** Топтук иштин презентациясы, талкуулар

**Сабактын жүрүшү:**

1. *Киришүү оюну – "Менин ысымым жана кесип".*
Ар бир окуучу өзүнүн ысымын жана өзүнүн аты башталган тамгага бир кесипти атайт.
2. *Өзөктүү кесиптик иш-билгилик (компетенциялар) тууралуу мугалимдин презентациясы.*
Мугалимдин түшүндүрмөсү үчүн айрым темалар:
   - Эмгектин азыркы дүйнөсүндөгү өзгөрүүлөрдөн улам (технологиялардын өнүгүүсү, ааламдашуудан улам өзгөрүүлөр, эмгекти ийкем уюштуруу, кыскартылган жумуш күнү, үйдө иштөө мүмкүнчүлүгү, гендердик ролдордун өзгөрүүлөрү, маалыматтарга негизделген кызмат көрсөтүүлөрдүн жана кесиптердин кеңири жайылтылышы ж.б. сыяктуу) жаштар үчүн жана эмгектенип жаткан улуулар үчүн жаңы талаптар жаралууда.
   - Бүгүнкү күндүн өзөктүү иш-билгилиги (компетенциялары) болуп төмөнкүлөр саналат: көз карандысыздык, өзүн-өзү баалоо, жеке жоопкерчилик, жеке демилге, өзүнө жоопкерчиликти алуу ыктыярдуулугу, жамаатта (командада) иштөө билгичтиги, өзүн-өзү көрсөтүүгө даярдык, чыгармачылык, өмүр бою окууга даярдык, баарлашуу жана тилдик иш-билгилик (компетенциялар), маданияттар аралык иш-билгилик (компетенциялар), маалыматтык технологиялар боюнча иш-билгилик (компетенциялар), мобилдүүлүк, ийкемдүүлүк, өзгөрүүгө даярдык жана/же ачыктык, адаптациялануу билгичтиги, тобокелдикке барууга даярдык, чечкиндүүлүк, экологиялык активдүүлүк, бизнести жүргүзүү билимдери жана көндүмдөрү жана ишкердик көндүмдөрү (өзүн-өзү жумуш менен камсыздоо) ж.б.
3. *Эмгектин азыркы дүйнөсүнүн картинасы жана кесиптер үчүн талап кылынган негизги иш-билгилик (компетенциялар).*
Жанында отургандар менен жупташып талкуулоо: эмгектин азыркы динамикалык дүйнөсүнүн картинасын жана эмгек дүйнөсүнө кирип жаткан ар бир адам ээ болушу керек болгон, талап

кылынган өзөктүү иш-билгиликти (компетенцияларды): билимдер, көндүмдөр жана мамилелерди кантип сүрөттөп берет элеңиз.

4. *Окуучулар "Эмгектин азыркы дүйнөсүнүн картинасы жана кесиптер үчүн өзөктүү иш-билгилик (компетенциялар) 1-жумушчу баракчасын толтурушат* жана 2-жумушчу баракчаны, ошондой эле мугалимдин презентациясын ресурс катары колдонушат.

5. *Сенин өзөктүү иш-билгилигиңиздин (компетенцияларыңыздын) картинасы*. Ар бир окуучу өздөрү ээ болгон жана, алар ээ боло турган жеке өзөктүү иш-билгиликти (компетенцияларды) аныктоо үчүн "Кесиптер үчүн Сенин өзөктүү иш-билгилик (компетенциялар) картинасы" деген 2-жумушчу баракча менен иштейт.

6. *Мугалимдин түшүндүрмөсү:* Кесиптер боюнча иш-билгиликти (компетенцияларды) Эмгектин азыркы дүйнөсү, кесиптер жана Кесипке багыт берүү программасынын максаттары менен бириктирүү.

**Убактысы:** 45мүнөт (кыскартылган версиясы 20 мүнөт)

**Социалдык формасы:** Жупташып иштөө

**Сабак үчүн материалдар:**

- 1-Жумушчу баракча: "Эмгектин азыркы дүйнөсүнүн жана кесиптер үчүн өзөктүү иш-билгиликтин (компетенциялардын) картинасы"
- 2-Жумушчу баракча: "Кесиптер үчүн Сиздин өзөктүү иш-билгилигиңиз (компетенцияларыңыздын) картинасы".

# 1-ИШ БАРАКЧА: ЭМГЕКТИН АЗЫРКЫ ДҮЙНӨСҮНҮН КАРТИНАСЫ ЖАНА КЕСИПТЕР ҮЧҮН ТАЛАП КЫЛЫНГАН НЕГИЗГИ ИШ-БИЛГИЛИК (КОМПЕТЕНЦИЯЛАР)

Негизги иш-билгиликти (компетенцияларды) – эмгектин жана кесиптердин азыркы дүйнөсүнүн босогосун аттап жаткан ар бир адам ээ болушу керек болгон билимдерди, көндүмдөрдү жана мамилелерди жазыңыз.

## КЕСИПТЕР ҮЧҮН НЕГИЗГИ ИШ БИЛГИЛИК (КОМПЕТЕНЦИЯЛАР)

# 2-ИШ БАРАКЧА: КЕСИПТЕР ҮЧҮН ТАЛАП КЫЛЫНГАН СЕНИН НЕГИЗГИ ИШ-БИЛГИЛИГИҢИЗДИН (КОМПЕТЕНЦИЯЛАРЫҢЫЗДЫН) КАРТИНАСЫ

Кесиптер үчүн ӨЗҮҢҮЗДҮН негизги иш билгилигиңиздин (компетенцияларыңыздын) тизмесин түзүңүз. Сиз өтө маанилүү деп эсептеген иш-билгиликтин (компетенциялардын) жанына өзүңүздүн белгичени коюңуз.

| | | |
|---|---|---|
| Көз карандысыздык | Максатка жетүү, ийгиликтерге жетишүү тилеги | Ишкерлик жана бизнес көндүмдөрү жана жөндөмдүүлүктөрү |
| Жеке жоопкерчилик | Жоопкерчиликти алуу ыктыярдуулугу | Жеке демилге |
| Командада (жамаатта) иштөө көндүмдөрү | Үзгүлтүксүз билим алууга даярдык | Өзүн-өзү баалоо |
| Чыгармачылык | Экологияны коргоодогу активдүүлүк | Мобилдүүлүк |
| Тилдик жана коммуникациялык жөндөмдүүлүктөр | Өзгөрүүлөргө карата ачык – даяр болуу | Кайраттуулук |
| Маалыматтык технологиялар менен иштөө көндүмдөрү | Интеллектуалдык жөндөмдүүлүктөр | Ийкемдүүлүк |
| Адаптациялануу жөндөмдүүлүгү | Тобокелдерге баруу даярдуулугу | |

# 9. Кесип тармактары

**МАКСАТТАР:**

- Иштөө тармагы менен кесиптин байланышы
- Жумуштун тармактарынын ортосундагы байланыштарды орнотуу

**Ыкмалар:** Карточкалар, жумушчу баракчалар, презентация менен иштөө.

**Сабактын жүрүшү:**

1. *Мугалимдин киришүүсү.*
   Кесиптер жана кесиптер аймагы, адистикти тандоодогу окуучулардын жеке кызыкчылыктарынын байланышы.
2. *Топторго бөлүү.*
   *Окуучулар 6-8 топко бөлүнүшөт*
3. *Топтордо иштөө.*
   Окуучулар карточкаларды талдашат жана аларды кесиптер аймагы боюнча 9 категорияга топтоштурушат.
4. *Презентация.*
   Окуучулар өздөрүнүн иштерин кагаздын чоң бетинде чагылдырып көрсөтүшөт
5. *Жакшылап ойлонуу жана окуучулардан, мугалимден түшүндүмөлөр*

**Социалдык формасы:** 45 мүнөт (кыскартылган версиясы 25 мүнөт).

**Социалдык формасы:** топтук иштөө, талкуулар.

**Сабак үчүн материалдар:**

- “Адистиктер аймагы” жумушчу баракчасы
- адистиктер жазылган 6-8 карточкалар топтому

## КЕСИПТИК КЫЗЫКЧЫЛЫКТАР ЧӨЙРӨСҮ

| | | |
|---|---|---|
| **Жаратылыш**<br>Таза ачык абада болуу, табийгат койнунда иштөө, мал багуу (кармоо) | **Тамак-аш, мейманкана бизнеси**<br>Азык-түлүк азыктары менен иштөө (мисалы, тамак даярдоо, дасторконго берүү ж.б.) | **Жасалгалоо**<br>Жасалгалоо, кооздоо, тартуу, идеяларды жүзөгө ашыруу |
| **Курулуш иши, тиричилик техникасы, ички түзүлүш, жыгач иштетүү**<br>Физикалык иш жана кол өнөрчүлүк менен алектенүү | **Техникалык өнөр жай, техникалык кесип**<br>Аппараттар, машиналар, электротехникасы, электроника менен иш алып баруу | **Пландоо, техникалык чийме, изилдөө, информатика**<br>Пландоо, эсептөө, техникалык сүрөт тартуу, изилдөө, өздөштүрүү, информатика |
| **Соода, сатуу, башкаруу, ташып жеткирүү, экономика, коопсуздук**<br>Товарларды сатып алуу жана сатуу, кеңседе иштөө, уюштуруу, башкаруу | **Тилдер, байланыш, театр, искусство, гуманитардык илимдер**<br>Тил менен иштөө маалымдоо, окутуу, оюн-зоок | **Адамдар менен мамиле-катнаш, билим берүү, саламаттык, кеңешме, тейлөө**<br>Адамдар менен көп иштешүү, окутуу, кам көрүү, тарбиялоо |

## Иш БАРАКЧА:
## КЕСИП КАРТОЧКАЛАР (БАРАКЧАЛАР)

| | | | |
|---|---|---|---|
| ТВ/радио дикторлор | Колл-борборлордун/ сурап билүү борборлорунун оператору | Редактор/бастырып чыгаруучу | Театр жана кино продюссерлери жана режиссерлору |
| Тарыхчы | Инвестициялык банктын менеджери | Математик жана жакын кесиптер | Фармацевттер |
| Журналист | Юрист | Китепканачы | Лингвист |
| Техник-медик | Окумуштуу | Статистик | Ветеринар |
| Музей таануучу | Саясат таануучу | Коомдук байланыштар боюнча адис | Катчы |
| Коомдук илимдер боюнча адис | Кинооператор | Архитектор-куруучу | Жарнама боюнча сүрөтчү |
| Орто мектептин мугалими | Социолог | Өзгөчө муктаждыктары бар балдар мугалими | Колледждин лектору |
| Жазуу жүзүндөгү жана оозеки котормочу | Кол өнөрчүлүктүн дизайнери | Косметолог | Мода дизайнери |
| Туристистик гид (жол көрсөтүүчү) | Коштоочу/ стюард | Эсепчи | Банк кызматкери жана жакын кызматкерлер |
| Биолог | Сүрөтчү | Интерьерлердин дизайнери жана жасалгалоочу | Зергерчилик иши жана баалуу металлдар боюнча адис |
| Инженер-биомедик | Дипломдуу эсепчи-эксперт | Химик | Программалык камсыздоону иштеп чыгуучу |
| Өндүрүштүн эсепчиси | Тери боюнча технолог | Фотограф | Азыктардын дизайнери |
| Инженер - эколог | Экономист | Инженер электроники | Айлана-чөйрөнү коргоо боюнча адис |
| Фермердик чарбалык боюнча консультант | Кездемелер дизайнери | Сурдолог жана логопед | Акушер |
| Финансылык аналитик | Тамак-аш азыктарынын жана суусундуктардын технологу | Токой чарбасы боюнча консультант | Өнөр жай инженери |
| Эл аралык соодагер | Балага кам көрүү боюнча адис | Кампаларды башкаруучу | Коргоо кызматынын кызматкери |

# ИШ БАРАКЧА:
## КЕСИП КАРТОЧКАЛАР (БАРАКЧАЛАР)

| | | | |
|---|---|---|---|
| Дүкөндү башкаруучу | Мамлекеттик кызматкер | Конференцияларды жана иш-чараларды пландап уюштуруучу | Адискөй консультант |
| Жалпы практиканын дарыгери | Медициналык кызмат көрсөтүүлөрдү башкаруучу | Адам ресурстарын башкаруучу | Мейманкананын башкаруучусу |
| Камсыздандыруу боюнча агент | Айыл чарбасы боюнча башкаруучу | Дүң жана чекене сооданын башкаруучусу | Соода жана маркетинг боюнча башкаруучу |
| Адискөй медайым | Эмгек терапиясы боюнча адис | Физиотерапевт | Психолог |
| Адискөй социалдык кызматкер | Балдар бакчасынын тарбиячысы | Башталгыч класстардын мугалими | Туристтик сапарлар боюнча уюштуруучу жана консультант |
| Айыл чарбасынын инженери | Куруучу | Ширетүүчү | Ашпозчу |
| Наабайчы | Кондитер | Официант | Өрт өчүрүүчү |
| Тигүүчүлөр | Айыл чарбасы боюнча окумуштуу | Авиа диспетчерлер | Авиациянын пилоту жана жакын кесиптер |
| Балчы жана жибекчи | Куралдуу күчтөр | Атлет жана спортсмен | Инженер машина куруучу |
| Жыгач уста | Инженер куруучу | Бийчи жана хореограф | Тиш дарыгер жана анын ассистенти |
| Инженер электрик | Инженер | Токойчу | Геолог |
| Маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуучуларга жардам кылуучу техник | Эт жана сүт азыктарын өндүрүүчү | Медик-технолог жана оптика боюнча адис | Инженер-механик |
| Медициналык лабораториянын техникалык кызматкери | Инженер - металлург | Медик-технолог – респиратордук бөлүм | Медик-технолог - хирургия |
| Тоо-кен инженери | Автомеханик жана оңдоп-түзөтүүчү жумушчу | Техник-ортопед жана протезист | Дене тарбия боюнча машыктыруучу |
| Сантехник жана ширетүүчү- суу түтүктөрүн түзөтүүчү жумушчу | Полициянын офицери | Телекоммуникациялар инженери | |

# 10. Адистиктерге карата гендердик калыптанып калган көз караштар (стереотиптер)

**МАКСАТТАР:**

Гендердик жана кесиптик калыптанып калган көз караштар (стереотиптер) жана аларды эмне үчүн жеңип чыгуу керектиги тууралуу маалымдуулукту жогорулатуу.

**Ыкмалар:** Акыл чабыты түрүндө талкуулоо

**1-Сабактын жүрүшү:**
Мырзалар бул …. ….. айымдар бул …

1. *Мырзалардын жана айымдардын мүнөздөмөсү.*
   Мугалим окуучуларга мырзалар үчүн мүнөздүү жети сапатты, айымдар үчүн мүнөздүү жети сапатты аныктоону сунуштайт. Мүнөзгө тиешелүү сапатты айтып жаткан ар бир окуучу эмне үчүн мындай деп эсептеп жаткандыгына кыскача түшүндүрмө да берет. Мугалим мүнөздөмөлөрдү таблицага эки мамычага бөлүп жазат: бири мырзалар үчүн, экинчиси айымдар үчүн.

2. *Жакшылап ойлонуу*
   Ойлонуу жараянын (процессин) башкаруу үчүн мугалим кийинки суроону берет: таблицадагы эки мамычанын ортосундагы айырма эмнеде? Бул калыптанып калган көз караштар (стереотиптер) чындыгында эле ушундайбы?

3. *Мугалимдин чакан тыянагы*
   калыптанып калган көз караштар (стереотиптер) бардык мырзалар бирдей мүнөздөмөлөргө жана бардык айымдар бирдей мүнөздөмөлөргө ээ деген жалган пикирлерге негизделген. Ооба, мырзалар менен айымдардын ортосунда айырмачылыктар бар, бирок биздин ар бирибиз - сапаттар, жөндөмдүүлүктөр жана кызыкчылыктар уникалдуу айкалышкан уникалдуу адамбыз. Калыптанып калган көз караштар (стереотиптер) көбүнчө чыныгы турмушта көйгөйлөрдү жаратышат.

**2-Сабактын жүрүшү:**
Кесиптерге карата калыптанып калган көз караштар (стереотиптер):

4. *Кесиптерге карата калыптанып калган көз караштар (стереотиптер)*
   Мугалим студенттерди чакан топтордо иштөөнү жана адамдар көбүнчө “мырзалардын адистиктери” жана “айымдардын адистиктери” катары карап келген жети адистикти аныктоону сунуштайт. Алар адамдар эмне үчүн ушундай деп ойлоно тургандыгынын аргументтерин да талкуулашат. Ар бир адистикти алар өзүнчө карточкага жазышат.

5. *Презентация*
   Топтун өкүлү таблицага карточкаларды (төөнөгүч менен) бекитет жана жыйынтыктарды бүтүндөй класс алдында сунуштайт. Алар Венндин диаграммасын колдонуу менен мырзалардын адистиктерин мамычанын бир жагына жана айымдардын адистиктерин экинчисине жайгаштырышат.

6. *Ой жүгүртүүлөр*
   Окуучулар бул адистиктер эмне үчүн мырзаларга же айымдарга тиешелүү болуп эсептелине тургандыгынын себептерин талкуулашат. Мугалим мырзаларга таандык делген адистиктерди айымдар аткара алышабы же тескерисинче да болушу мүмкүнбү деп окуучулардан сурайт. Алар мисалдарды келтириши керек (сүрөттөр/элес сүрөттөр) жана, баарынан мурун, аларга оң жана сол жактагы мамычалардагы карточкаларды ортодогу мамычага аралаштырууга туура келет. Акыр аягы, бардык адистиктер болбосо да, көпчүлүгү, ортоңку мамычада болушу керек. Көпчүлүк адистиктер мырзалар тарабынан да, ошондой эле айымдар тарабынан да ийгиликтүү аткарылышы мүмкүн, жана окуучулар гендердик калыптанып калган көз караштардан (стереотиптерден) улам өз тандоолорун чектебеши керек.

**Убактысы:** 45 мүнөт (кыскартылган версиясы 25 мүнөт)

**Сабак өткөрүү үчүн материалдар:**

- Адистиктер жазылган карточкалар (номер 9-сабактан)
- Мырзалардын адистиктеринде эмгектенген айымдардын сүрөттөрү, жана тескерисинче

# 11. Семинар: Кесиптер боюнча талаптар, жөндөмдүүлүктөр жана ишке орношуу тармактары

**МАКСАТТАР:**

- Кесиптер менен ишке орношуу тармактарынын ортосундагы байланышты таануу
- Адистиктерге карата талаптарды окуучулардын жөндөмдүүлүктөрү менен байланыштыруу

**Ыкмалар:** Презентация, жумушчу баракчалар

**Сабактын жүрүшү:**

1. *Мугалимдин киришүүсү*
   Адистиктерге карата талаптар менен өзүнүн жөндөмдүүлүктөрүн жана көндүмдөрүн байланыштыруунун маанилүүлүгү
2. *Окуучулар жумушчу баракчалар менен иштешет.* Окуучулар өздөрү туура келген өзгөчө талаптарды белгилешет жана толугу менен шайкеш келүү үчүн дагы окуш керек болгондордун астын кызыл түс менен сызып коюшат.
3. *Жакшылап ойлонуу*
   Окуучулар жумуш тармактарынын жана айрым адистиктер үчүн өзгөчө талаптардын жана ишке орношуу аймагынын ортосундагы байланыштарды өздөштүрүшөт.
4. *Мугалимдин түшүндүрмөсү*
   Кесипти тандоо жана кийинки билим алуу үчүн негизги чен-өлчөм (критерий) катары окуучулардын жөндөмдүүлүктөрүнүн маанилүүлүгүн бөлүп белгилөө. Эгер окуучу өзүнүн жөндөмдүүлүктөрүнө жана көндүмдөрүнө төп келген адистикти тандаса, анын болочок адистикти тандоодо ийгиликке жетишүү мүмкүнчүлүгү көбүрөөк болот.

**Убактысы:** 45 мүнөт.

**Социалдык формасы:** Жеке иштөө.

**Сабак үчүн материалдар:**

- Жумушчу баракча: Кесиптер боюнча талаптар, жөндөмдүүлүктөр жана ишке орношуу тармактары.
- Ар бир окуучуда жашыл жана кызыл маркер болушу керек.
- Ар бир окуучуда адистиктердин сүрөттөлүштөрү болушу кажет.

# ИШ БАРАКЧА:
# КЕСИПТЕР БОЮНЧА ТАЛАПТАР, ЖӨНДӨМДҮҮЛҮКТӨР ЖАНА ИШКЕ ОРНОШУУ ТАРМАКТАРЫ

Иш жааты менен, белгилүү бир адистиктерге жана ишке орношуу тармактарына карата өзгөчө талаптардын ортосундагы байланыштарды өздөштүрүңүз. Сиздин оюңузча, өзүңүз жооп берген, төп келишкен өзгөчө талаптарды жашыл маркер менен белгилеңиз жана толук ылайык келүү үчүн Сизге дагы окуу керек болгон талаптарды кызыл түс менен чийиңиз.

| ЭМГЕК чөйрөсү | ӨЗГӨЧӨ ТАЛАПТАР | ИШКЕ ОРНОШУУ ТАРМАГЫ |
|---|---|---|
| Айыл чарбасы, тамак-аш- азыктарын өндүрүү жана кайра иштетүү | Мыкты психомотордук көндүмдөр, мейкиндиктеги ориентация жана координация, кыймыл көндүмдөрү, кайраттуу чымыр дене түзүлүшү, сезимдердин курчтугу: мыкты көрүү, даам, жыт сезими, мыкты угуу, өпкөнүн мыкты тиричиликтик сыйымдуулугу. | Фермердик чарбалар, ветеринардык станциялар, селекциялык мекемелер, тамеки өндүрүү, эт жана балык азыктарын өндүрүү жана кайра иштетүү, нан азыктарын өндүрүү, тоңдурулган азыктарды өндүрүү, суусундуктарды өндүрүү, азыктарды жана жашылчаларды кайра иштетүү, данды кайра иштетүү. |
| Токой чарбасы жана жыгачты кайра иштетүү | Мейкиндикте мыкты багыт алуу, мейкиндиктик мамилелерди түшүнүү, визуалдык деталдарга карата өрчүгөн эс-тутум, туура жана так кыймылдар жана манжалардын кыймылынын мыкты координациясы, мыкты механикалык жана сандык көндүмдөр, сезимдердин курчтугу: көрүү, угуу, жыт сезүү. | Токойлорду жана коомдук сейил бактарын башкаруучу мекемелер, көчөттөрдү жана жаш бутактарды өндүрүүчүлөр, жыгачты кайра иштетүү индустриясы жана эмерек өндүрүү, долбоордук мекемелер, курулуш, устачылык цехтери ж.б. |
| Геология, тоо-кен өнөр жана металлургия | Механикалык мамилелерди мыкты түшүнүү, мейкиндиктик элестетүүнүн өнүккөн жөндөмдүүлүгү, деталдарга карата визуалдык эс-тутум, кыймылдуулук жана колдордун кыймылынын координациясы, дайыма көңүл буруу, күчтүү жана чыдамкай дене түзүлүшү, жер алдында иштөө жөндөмдүүлүгү, саламат жана туруктуу респиратордук, кан тамыр жана жүрөк системалары, сезимдер органынын курчтугу. | Тоо-кен, курулуш, геологиялык изилдөөлөр, лабораториялар, инстутуттар, инспекциялар, жер иштетүүчү техник, металлургиялык өнөр жай, жез жана түстүү металл заводдору, прокат стандары, кабель, түтүк жана профиль ж.б. |
| Механикалык инженерия, металлды кайра иштетүү | Механикалык мамилелерди жана физикалык принциптерди, сандык жана мейкиндиктик элестетүүнүн мыкты мүмкүнчүлүктөрүн колдонууну мыкты түшүнүүнүн өнүккөн жөндөмдүүлүгү, деталдарга карата визуалдык эс-тутум, кыймылдын, колдордун тез жана так кыймылынын координациясы, мыкты өрчүгөн көңүл буруу жана көңүлдү бурууну багыттоо жөндөмдүүлүгү, ден соолуктун мыкты жалпы абалы, чыдамдуулук жана чымыр дене түзүлүшү, тереңдикте жана кеңдикте көрө билүү, түстөрдү дифференциациялоо. | Өнөр жайдын бардык тармактары: машина куруу, темир иштетүү, электротехника, деңиз техникасы, курулуш, нефть өнөр жайы, транспорт өнөр жайы, азык өнөр жайы, текстиль жана басма өнөр жайы, тоо-кен өнөр жайы, металлургия, автомобиль куруу, көл өнөрчүлүк өнөрканалары ж.б. |

## ИШ БАРАКЧА:
## КЕСИПТЕР БОЮНЧА ТАЛАПТАР, ЖӨНДӨМДҮҮЛҮКТӨР ЖАНА ИШКЕ ОРНОШУУ ТАРМАКТАРЫ

| ЭМГЕК чөйрөсү | ӨЗГӨЧӨ ТАЛАПТАР | ИШКЕ ОРНОШУУ ТАРМАГЫ |
|---|---|---|
| Электрдик инженерия | Физикалык принциптерди түшүнүүнүн мыкты өнүккөн билгичтиги, мыкты сандык көндүмдөр, мейкиндиктин мамилелерди мыкты түшүнүү, деталдарды визуалдык эске тутуу, колдордун өнүккөн эптүүлүгү, өнүккөн макулдашуучулук жана көңүлдүн өнүккөн тереңдигин ыкчам буруп кетүү, көрүүнүн дааналыгы жана түстүн дифференциациясы, тереңдикте жана кеңдикте, экстремалдык шарттарда иштөө жөндөмдүүлүгү, кол-буттардын жана жүлүндүн деформациясы, жоктогу ошондой эле кыймылдардагы чектөөлөрдүн жоктугу. | Энергия өндүрүүчүлөр жана жабдууларды өндүрүүчүлөр, лифттерди өндүрүүчүлөр, өнөр жай өткөргүчтөрүн өндүрүү, өлчөөчү жана жөнгө салуучу техникалык түзүлүштөр, автоматика, телекоммуникациялар, радио- жана телевизиондук техника, автомобилдик өнөр жай, электр түзүлүштөрүн тейлөө, кол өнөрчүлүк өнөрканалары ж.б. |
| Химия, металл эмес өнөр жайы жана басма иши | Мейкиндиктик жана механикалык түзүлүштү мыкты түшүнүү, колдордун мыкты координациясы жана манжалардын так кыймылы, так визуалдык эс-тутум, сандар менен иштөө көндүмү, формалоого карата мыкты жөндөмдүүлүк, бекем жана чыдамдуу дене түзүлүшү, көрүүнүн, угуунун жана кол тийгизүүнүн өрчүгөн органдары, өпкөлөрдүн мыкты сыйымдуулугу жана чектөөсү жок жүлүн. | Химиялык металл эмес өнөр жайы, нефть-химиялык өнөр жайы жана резинаны кайра иштетүү, жарылуучу заттарды өндүрүү, курулуш материалдарын өндүрүү, фармацевтикалык өнөр жайы, басма жана кагаз өнөр жайы ж.б. |
| Текстиль жана тери өндүрүшү | Механикалык принциптерди жана мейкиндиктик түзүлүштөрдү түшүнүү жөндөмдүүлүгү, формаларды түзүү жөндөмдүүлүгү жана сандарга карата мыкты эс-тутум, көрүүнүн жана кол тийгизүүнүн өнүккөн сезими. | Текстиль өнөр жайы жана кийим-кечек өндүрүү, тери кийимдерин жана териден жасалган аксессуарларды өндүрүү, бут кийим өнөр жайы, бут кийим, кийим- кечек, аксессуарларды, кол каптарды, тери жана аң териден жасалган буюмдарды өндүрүүдөгү кол өнөрчүлүк кызматтарын көрсөтүүлөр. |
| Геодезия жана курулуш индустриясы | Мейкиндиктик элестетүү жөндөмдүүлүктөрү жана так визуалдык эс-тутум, сандар менен иштөөнүн мыкты көндүмдөрү, колдордун жана манжалардын мыкты координациясы, бекем жана чыдамкай дене түзүлүшү, бийиктиктерде жана тереңдиктерде иштөө билгичтиги, көздүн курчтугу (дааналык, тереңдик жана түстүк дифференциация) | Курулуш иштери жана курулуш элементтерин өндүрүү, долбоордук мекемелер жана имараттарды реконструкциялоо жана калыбына келтирүү боюнча институттар, кадастрдык кызматтар,геодезия жана жерлерди консолидациялоо боюнча кызмат көрсөтүүлөр ж.б. |

## ИШ БАРАКЧА:
## КЕСИПТЕР БОЮНЧА ТАЛАПТАР, ЖӨНДӨМДҮҮЛҮКТӨР ЖАНА ИШКЕ ОРНОШУУ ТАРМАКТАРЫ

| ЭМГЕК чөйрөсү | ӨЗГӨЧӨ ТАЛАПТАР | ИШКЕ ОРНОШУУ ТАРМАГЫ |
|---|---|---|
| Транспортировкалоо | Эмоционалдык туруктуулук, ачык байкалган психомотордук жөндөмдүүлүктөр жана белгилерге карата ыкчам реакция, механикалык принциптерди түшүнүүнүн жана колдонуунун жеңилдиги жана мейкиндикте багыт алуу, сандар менен иштөө жөндөмдүүлүктөрү, бекем жана узак мөөнөттүү конструкция, сезимдердин өрчүгөн органдары (айрыкча көрүү). | РТТ-трафик жаатында иш алып барган уюмдар жана компаниялар, авиация, суу транспорту, кургактагы жана ички транспорт, темир жол траспорту, кампалар, курулуш жабдуулары боюнча мекемелер ж.б. |
| Соода, мейманкана индустриясы жана туризм | Сандар менен иштөөнүн мыкты көндүмдөрү, эмоционалдык туруктуулук, баарлашуудагы ачыктык жана боорукердик, эстетикалык сезимталдуулук, мыкты вербалдык көндүмдөр, сандарга карата эс-тутум, адамдын жүздөрүнө жана сөздөргө карата эс-тутум, кайраттуу физикалык дене түзүлүшү, сезимдердин курч органдары, кыймылдардын мыкты координациясы. | Соода компаниялары (ички соода, чекене соода, дүң соода) туристтик мекемелер, мейманканалар, ресторандар, кафелер ж.б. |
| Экономика, укук жана администрация | Сандар менен иштөөнүн мыкты көндүмдөрү жана вербалдык көндүмдөр, сандарга, маалыматтарга жана адамдардын жүздөрүндө карата өрчүгөн көңүл буруу жана эс-тутум, ачык байкалган инсандык сапаттар: пунктуалдуулук, тартиптүүлүк, тырышчаактык, эмгекчилдик, мамилечилдик, толеранттуулук, ак ниеттүүлүк, чыдамдуулук, колдордун жана манжалардын мыкты координациясы; көрүү жана угуунун өнүккөн сезим органдары, жабыркабаган омуртка. | Соода компаниялары (экспорт, импорт, чекене соода, дүң соода), банктар, финансылык кызматтар, кадрдык кызматтар, жалпы бөлүмдөр, архивдер, текстти терүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр, муниципалдык, сот кызматтары жана коомдук коопсуздукту коргоо кызматтары ж.б. |
| Аба-ырайын божомолдоо | Сандарга карата мыкты жөндөмдүүлүктөр жана мейкиндиктик элестетүүнүн көндүмдөрү, физикалык принциптерди түшүнүү жана колдонуу, сандарга жана визуалдык маалыматтарга карата мыкты эс-тутум, сабырдуулук жана чыдамдуулук, кайраттуу жана чымыр дене түзүлүшү, жакшы өрчүгөн көрүү органы, кыймылдардын мыкты координациясы. | Аба-ырайынын божомолдоочу мекемелер, аэропорттор, гидроэнергетика мекемелери, токой чарбасы, айыл чарбасы, долбоордук мекемелер, курулуш жана коммуналдык ишканалар |

**ИШ БАРАКЧА:**

# КЕСИПТЕР БОЮНЧА ТАЛАПТАР, ЖӨНДӨМДҮҮЛҮКТӨР ЖАНА ИШКЕ ОРНОШУУ ТАРМАКТАРЫ

| ЭМГЕК чөйрөсү | ӨЗГӨЧӨ ТАЛАПТАР | ИШКЕ ОРНОШУУ ТАРМАГЫ |
|---|---|---|
| Маданият жана коомдук маалымат | Ортоңку деңгээлден жогорку вербалдык жана интеллектуалдык жөндөмдүүлүктөр, мыкты өнүккөн ыкыластуулук, эстетикалык сезимдер, мамилечилдик/ коммуникативдүүлүк, тырышчаактык, чыдамдуулук, музыкага, актерлукка шык-жөндөм, кыймылдардын өнүккөн координациясы, ден-соолуктун мыкты жалпы абалы, жакшы өрчүгөн көрүү жана угуу. | Жаңылык жана басма компаниялар, архивдер, музейлер, театрлар, радио жана телевидение, долбоордук бюролор, текстилди, терини, бут кийимди, кийим- кечекти, күнүмдүк керектөөчүлүк товарларды өндүрүү, эмерек өндүрүү, искусство ансамблдери ж.б. |
| Саламаттыкты сактоо, фармацевтикалык жана социалдык кызмат көрсөтүүлер | Мыкты өнүккөн визуалдык маалыматтык эс-тутум, эмоционалдык туруктуулук (стресске карата туруктуулук), ден-соолуктун мыкты жалпы абалы, физикалык чыдамдуулук, өрчүгөн көрүү, угуу, жыт сезүү жана кол тийгизүү, колдордун, алакандардын жана манжалардын мыкты координациясы. | Ооруканалар, клиникалар, лазареттер, курорттор, стоматологиялык клиникалар жана кеңселер, лабораториялар жана дарыканалар, фармацевтикалык өнөр жай жана мекемелер ж.б. |
| Жеке кызмат көрсөтүүлөр | Өзгөчө мыкты координация жана колдордун жана манжалардын кыймылынын тактыгы, туруктуу жеке түзүлүш жана өнүккөн: мамилечилдик, ак ниеттүүлүк, чыдамдуулук, тырышчаактык, ден-соолуктун мыкты жалпы абалы, чымыр физикалык дене түзүлүшү, дени-сак омуртка жана колдор-буттар... | Чакан ишканалар, жумушчу цехтер, ар кыл кызмат көрсөтүүлөр ж.б. |

# 12. Мен жактырган кесиптер

**МАКСАТТАР:**

- Окуучу жактырган кесиптерди аныктоо
- Каалаган кесиптер боюнча окутуу

**Ыкмалар:** Окуучунун кызыкчылыктар боюнча тестинин жыйынтыктары менен айкалышкан кесиптерди талдоо

**Сабактын жүрүшү:**

1. *Киришүү*
   Мугалим окуучулар жактырган, башкача айтканда алардын кызыкчылыктары боюнча тестинин жыйынтыктары менен салыштырыла турган кесиптерди бул сабакта аныктоого аракеттенишээрин түшүндүрөт.
2. *Кызыкчылыктар менен кесиптерди салыштыруу*
   Ар бир окуучу өзүнүн кызыкчылыктары боюнча тестинин жыйынтыктарын кесиптердин сүрөттөлүшүнөн аларга ылайык келген кесиптер менен салыштырат, жана кесипке багыт берүү боюнча программанын акыркы тепкичтеринде карай турган кесиптерди тандайт. Окуучулар тандалган кесиптерди “Мен жактырган кесиптер” жумушчу баракчасына жазышат.
3. *Жакшылап ойлонуу*
   Окуучу тандалган кесиптерге канааттандыбы? Окуучу бул кесиптерди күттү беле же ал таң калдыбы? Окуучу бул тизмеде жок башка кесипти каалайт беле? Кээде окуучулар башка кесиптерди каалагандыгынын себептери кандай?

**Убактысы:** 45 мүнөт.

**Социалдык формасы:** Өз алдынча иштөө, топтук талкуулоо

**Сабак үчүн материалдар:**

- Окуучунун кызыкчылыктары боюнча тесттин жыйынтыктары
- Кесиптердин сүрөттөлүшү
- Жумушчу баракча: “Мен жактырган кесиптер”

# ИШ БАРАКЧА:
## МЕН ЖАКТЫРГАН КЕСИПТЕР

Сиз өзүңүздүн эң күчтүү кызыкчылыгыңызды жазыңыз (“Кызыкчылыктар боюнча тесттин жыйынтыктары” иш баракчасын караңыз). Сиз баарынан көбүрөөк жактырган кесиптерди аныктоо үчүн кесиптердин сүрөттөлүшүн колдонуңуз.

| Кесип аймагы: |
|---|
| Кесиптин бул аймагынын ичиндеги жактырган кесиптер |
| |
| |
| |
| |

| Кесип аймагы: |
|---|
| Кесиптин бул аймагынын ичиндеги жактырган кесиптер |
| |
| |
| |
| |

| Кесип аймагы: |
|---|
| Кесиптин бул аймагынын ичиндеги жактырган кесиптер |
| |
| |
| |
| |

# 13. Орто мектептер жана кесиптер

**МАКСАТТАР:**

- Окуу жай – окуу программасы – адистик терминдеринин ортосундагы байланышты түшүнүү;
- Ар кыл кесиптик билим берүү мекемелери тарабынан берилип жаткан билимдер жааты менен таанышуу;
- Билим берүү программаларын айрым орто кесиптик-техникалык окуу жайлардагы жана жалпы билим берүүчү орто мектептердеги адистиктер менен байланыштыруу;
- Окуу жайлардын түйүнү аркылуу окуучуларга алар каалаган адистиктер/кесиптерге карата жол табууда жардам

**Ыкмалар:** карточкалар менен иштөө, презентация

**Сабактын жүрүшү:**

1. *Киришүү оюну:* Сырдуу адистик - пантомиманын типтүү жесттери. Бир окуучу адистик үчүн мүнөздүү дене-кыймылдарды билет, тандайт жана аны мугалимге гана маалымдайт. Калгандары табышат. Ким туура тапса, ал кийинки адистиктин дене-кыймылдарын көрсөтөт.
2. *Кесиптик-техникалык окуу жайларды кесиптер менен бириктирип айкалыштыруу - топтук иш:* Мугалим аймактагы атайын орто окуу жайларынын санына жараша классты 4-8 топко бөлөт. Ар бир топ атайын орто билим берүү мекемесинин ар биринде даярдалган адистиктерди аныктоо үчүн веб-сайттарды же басылып чыккан материалдарды пайдаланат.
3. *Топтук иштин презентациясы.* Топтор өздөрүнүн ишинин жыйынтыктарын бүтүндөй класс алдында сунушташат.
4. *Жакшылап ойлонуу*

**Убактысы:** 45 мүнөт

**Социалдык формасы:** топтук иштөө

**Сабак үчүн материалдар:**

- Жалпы билим берүүчү жана кесиптик тууралуу, билим берүүчү профайлдарды жана тиешелүү адистиктерди камтыган, кагазга басып чыгарылган маалыматтык материалдарды
- Флип-чарттар (чоң кагаз барактар), маркерлер

**Вебсайт:**

- Кесиптик лицейлердин тизмеси: ***kesip.kg/ru/8***;
- Университеттердин каталогу: ***edu.gov.kg/ru/high-education/unis-system/spisok-gosudarstvennyh-i-chastnyh-vuzov/***.

## ОРТО КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ ЛИЦЕЙЛЕР

Бул лицей төмөнкүдөй адистиктер боюнча окуучуларды даярдайт
(Булутчаларга кесиптерди/адистиктерди жазыңыз)

## 14. Чыныгы жолугушууларга даярдык

**МАКСАТТАР:**

- Кийинки билим алуу жана карьералык жолдор тууралуу тиешелүү маалыматтарды көз карандысыз топтоого даярдоо;
- Билим берүү системасы, лицейлер жана кесиптер жөнүндө билимдерди кеңейтүү;
- Аңгемелешүүлөрдү өткөрүүнүн ыкмаларын колдонуу жана аракеттердин планын түзүү.

**Ыкмалар:** Презентация, талкуулоо.

**Ырааттуулук:**

1. *Мугалимдин презентациясы*
Мугалим чыныгы жолугушуулардын, башкача айтканда, компаниялардын, орто кесиптик жана жалпы билим берүүчү мектептердин өкүлдөрү менен чыныгы байланыштардын максатын түшүндүрөт.
2. *Топтордо иштөө:* жумушчу формаларды талдоо. Окуучулар топтордо жумушчу формаларды өздөштүрүшөт.
3. *Лицейлер өкүлдөрү (мугалимдер жана окуучулар) үчүн суроолор топтомун сунуштоо.*
Топтор алар жолугуша турган ар бир тарап үчүн жумушчу формаларды сунушташат жана өз сөздөрү менен түшүндүрүшөт.
4. *Интервью үчүн суроолордун тизмесинин үстүнөн ой жүгүртүүлөр.*
5. *Эксперттер менен жолугушуу өткөрүү үчүн аракеттердин планын иштеп чыгуу.*

**Убактысы:** 45 мүнөт

**Иштөө үчүн материалдар:**

- 1-жумушчу форма: Жолугушууга даярдык – лицейдин мугалими.
- 2-жумушчу форма: Жолугушууга даярдык – лицейдин окуучусу.
- 3-жумушчу форма: Жолугушууга даярдык – жалданып иштеген жак (тарап).
- 4-жумушчу форма: Чыныгы жолугушуулардын жеке тизмеси.

# **1-ИШ ФОРМА:** ЖОЛУГУШУУГА ДАЯРДЫК-ЛИЦЕЙДИН МУГАЛИМИ

Бул суроолорду Сиз орто лицейдин өкүлү менен интервью учурунда колдоно аласыз:

| |
|---|
| Лицейдин аталышы: |
| Мугалим: |
| Окуучулар лицейде ээ боло алган негизги кесиптер кайсылар? |
| Окуучулар лицейди аяктагандан кийин кайда иштей алышат? |
| Сиздин лицейдеги негизги предметтер кайсылар? |
| Окуучулар практикалык сабактар учурунда кандай көндүмдөргө ээ болушат? |
| Лицейдин семинарлар эмнени камтыйт? |
| Сиздин лицейге кирүүдө кандай талаптар коюлат (билимдер, жөндөмдүүлүктөр, жеке сапаттар, саламаттык ж.б. жаатында)? |
| Тандоонун кандайдыр бир жол-жобосу (процедурасы) барбы? Эгер бар болсо, кандай? |
| Лицейди аяктагандан кийин окуучулар эмне менен алектенишет? Иштешеби же жогорку окуу жайга (лицейдин кийинки звеносуна) тапшырышабы? |
| Сиздин окуучулардын канча бөлүгү лицейди аяктагандан кийин жумушка орношо алышууда? |
| Сиздин окуучулар жогорку окуу жайда (лицейдин кийинки звеносунда) окуп жатып кандай ийгиликтерге жетишүүдө? |
| Сиздин лицей кандай кошумча иш-чараларды уюштурат (тил үйрөнүү курстары, маалыматтык-коммуникативдик технологиялар боюнча курстар, сынактар/мелдештер, спорттук иш-чаралар ж.б.)? |
| Сиздин лицейде билим алууну каалагандарга Сиз кандай кеңеш берет элеңиз? |
| Сиздин лицейдин башка артыкчылыктары кандай (стипендиялар, жатакана, мыкты музыка сабактары, мыкты спорттук иш-чаралар ж.б.)? |
| Чет өлкөдө билим алуу жана эл аралык алмашуу үчүн мүмкүнчүлүктөр кандай? |

# 2-ИШ ФОРМА
## ЖОЛУГУШУУГА ДАЯРДЫК - ЛИЦЕЙДИН ОКУУЧУСУ

Бул суроолорду Сиз лицейдин окуучусу менен интервью учурунда колдоно аласыз:

| |
|---|
| Лицейдин аталышы: |
| Окуучу: |
| Сиз ушул лицейде окууну каалад ыңыз беле же Сиздин башка каалоолоруңуз бар беле? |
| Кесипти жана лицейди тандоо тууралуу чечимди Сиз кандайча кабыл алдыңыз эле? |
| Сиздин кесип тандооңузга кимдир бирөө таасирин тийгиздиби? |
| Лицейде окууда Сизге эмне жагат? |
| Сизге эмне анчейин жакпайт? |
| Окуу Сиздин күтүүлөрүңүздү канааттандырдыбы? |
| Сиз бул лицейге келгенде Сиз үчүн эмне эң чоң өзгөрүү болду? |
| Лицейди аяктагандан кийин Сиз эмне менен алектенүүнү каалайсыз?<br>Сиздин карьералык пландарыңыз кандай? |

# 3-ИШ ФОРМА:
# ЖОЛУГУШУУГА ДАЯРДЫК – ЖАЛДАНЫП ИШТЕГЕН ЖАК (ТАРАП)

Бул суроолорду Сиз жалданып иштеген жак (тарап) менен интервью учурунда колдоно аласыз:

| |
|---|
| Аты-жөнү |
| Учурдагы иши/кызматы |
| Сиздин азыркы жумушуңуз, Сиз билим алып окуган кесипке тиешеси барбы? |
| Сиз өз кесибиңизге кантип ээ болдуңуз (мектептен билим алуу, иштеп тажрыйба топтоо аркылуу)? |
| Сиздин кесип/иш тандооңузга ким таасирин тийгизди? |
| Сиздин милдеттериңизге эмне кирет? |
| Сиз өзүңүздүн милдеттериңизди кайсыл жерде аткарасыз? |
| Сиздин кесиптин артыкчылыктары кайсылар? |
| Сиздин кесиптин кемчиликтери кайсылар? |
| Сиздин кесипке карата кандай талаптар (интеллектуалдык, физикалык жана социалдык көндүмдөр) коюлууда? |
| Сиздин иш графигиңиз кандай? |
| Сиз кандайдыр бир башка кесипке ээ болууну каалайдыңыз беле? |
| Сиз өз кесибиңизге ыраазысызбы? Сиз ушул эле кесипти кайрадан тандайт белеңиз? |
| Сиздин кесип өзүңүздүн көндүмдөрдү дайыма өнүктүрүп турууну жана кошумча билим алууну талап кылабы? |
| Сиз эмнеге жетишүүнү каалайсыз:кийинки беш жылдагы Сиздин максатыңыз? |
| Сиз кесип тандоодо жаштарга кандай кеңеш берет элеңиз? |
| Сиз өз кесибиңизди кыскача кантип сүрөттөйт элеңиз? |

# 4-ИШ ФОРМА:
# ЧЫНЫГЫ ЖОЛУГУШУУЛАРДЫН ЖЕКЕ (ПЕРСОНАЛДЫК) ТИЗМЕСИ

Сиз келечек тууралуу өздүк көз карашыңызды жана Сиз барууну каалаган мекемелердин жана мектептердин тизмесин түзүңүз:

| | |
|---|---|
| 1 | |
| 2 | |
| 3 | |
| 4 | |
| 5 | |
| 6 | |
| 7 | |
| 8 | |
| 9 | |
| 10 | |

# 15. Чыныгы жолугушууларды өткөргөндөн кийинки иштер

**МАКСАТТАР:**

- Чыныгы жолугушуулардын жүрүшүндө алынган билимдерди бекемдөө;
- Окуучулардын презентациялоо көндүмдөрүн жакшыртуу;
- Чечимдерди кабыл алуу үчүн билим алуу жана кесиптер жөнүндөгү маалыматтарды даярдоо жана карап талдап чыгуу.

**Ыкмалар:** Презентация, талкуулоо.

**Ырааттуулук**

1. *Окуучулардын презентациялары/отчеттору*
   Ар бир окуучу чыныгы жолугушуулардан өздөштүргөндөр жөнүндө презентация даярдайт/маалымдайт. Презентациянын ар кыл ыкмаларын колдонуу сунушталат.
2. *Презентациялардын галереясы*
   Окуучулар өздөрүнүн плакаттарын столдорго/дубалдарга жайгаштырышат.
3. *Класста окуучулардын иштеринин презентациясы*
4. *Алынган тажрыйба тууралуу ой жүгүртүүлөр*

**Убактысы:** 45 мүнөт.

**Иштөө үчүн материалдар:**

Презентация үчүн окуучулар, эң аз дегенде, төмөнкү материалдарды колдонушу керек:

- 1-жумушчу форма: Жолугушууга даярдык – орто мектептин мугалими.
- 2-жумушчу форма: Жолугушууга даярдык – орто мектептин окуучусу.
- 3-жумушчу форма: Жолугушууга даярдык – жалданып иштеген жак (тарап).
- 4-жумушчу форма: Чыныгы жолугушуулардын жеке тизмеси.

## 16. Мектепти тандоонун чен белгилери (критерийлери)

**МАКСАТТАР:**

- Карьера үчүн мектепти тандоонун маанилүүлүгүн таануу;
- Мектепти тандоонун чен-белгилерин (критерийлерин) түзүү;
- Мектепти тандоого таасирин тийгизүүчү, мүмкүн болгон факторлорду түшүнүү;
- Талкуулоонун жүрүшүндө аргументтөө көндүмдөрүн өздөштүрүү.

**Ыкмалар:** Маалыматтык талдоо, баалоонун шкаласы, аргументация.

**Ырааттуулук:**

1. *Катышуучулар берилген сүйлөмдү улантышы керек*
   Топту берүү - колуна топ тийген катышуучу "Мен ... (кесиптик лицейдин аталышы) тандайм, себеби... (өз тандоосун түшүндүрүү)" деген сүйлөмдү улантышы керек.
2. *Жогорку окуу жай (мектептин кийинки звеносун) тандоонун себептеринин/чен-белгилеринин (критерийлеринин) тизмесин түзүү*
   Мугалим акыл чабытын жүргүзөт, флип-чартка жазууларды жазат жана окуучулардан мектепти тандоонун чен-белгилерин (критерийлерин) аныктоону жана аларды категориялар боюнча топтоштурууну суранат.
3. *Мектепти тандоо менен кесипти тандоонун ортосундагы байланыштарды орнотуу – пикирлерди алмашуу*
4. Мугалим төмөнкү суроолор менен талкууну баштайт:
   - Кайсыл чен белгилер (критерийлер) өтө маанилүү, ал эми кайсылары анчейин маанилүү эмес?
   - Кайсыл себептер сизге кызыктуу болуп көрүндү?
   - Лицейди тандоонун чен-белгилери (критерийлери) кандай даражада кесипти тандоонун чен белгиси (критерийи) да болуп саналышат?
5. *Мектепти тандоо чен белгилеринин (критерийлеринин) жардамы менен каалап турган лицейди "сканерлөө".*
   Окуучулар лицейди тандоонун чен-белгилерин (критерийлерин) 1-4 шкаласы боюнча баалашат жана тиешелүү аргументтерди келтиришет. Окуучуларга эгер алар бир эле убакта лицейдин бирден көп вариантын карап жатышса, анда бирден көп жумушчу форма талап кылынышы ыктымал.
6. *Алмашуу.*
   Кайсыл чен белги (критерий) баарынан жогору бааланган?
7. *Ой жүгүртүү*
8. *Мугалим жыйынтык чыгарат:*
   оптималдуу вариант – кызыкчылыктар жана жөндөмдүүлүктөрдүн негизинде болочок лицейди же ЖОЖду тандо чечимди кабыл алуу.

**Убактысы:** 45 мүнөт

**Социалдык формасы:** Оюн, талкуулоо

**Иштөө үчүн материалдар:**
"Лицейди же ЖОЖду тандоонун чен белгилери (критерийлери)" жумушчу формасы.

# ИШ ФОРМА:
# “ЛИЦЕЙДИ ТАНДООНУН ЧЕН БЕЛГИЛЕРИ (КРИТЕРИЙЛЕРИ)”

Лицейди тандоонун чен белгилерин (критерийлерин) өздөштүрүңүз. Тандалган лицейди: 1- бул лицей менен канааттанбайм, 4 – бул лицей менен толугу менен канааттанам деген 1-4 чейинки шкаланы колдонуу менен баалаңыз.

| Чен белги (Критерий) | Баа | | | |
|---|---|---|---|---|
| Кызыкчылыктар | 1 | 2 | 3 | 4 |
| Жөндөмдүүлүктөр | 1 | 2 | 3 | 4 |
| Лицейдин жашаган үйдүн жанында жайгашышы | 1 | 2 | 3 | 4 |
| Лицейдин бедели (имиджи) | 1 | 2 | 3 | 4 |
| Аяктагандан кийин иштеп каражат табуу мүмкүнчүлүктөрү | 1 | 2 | 3 | 4 |
| Карьералык перспективалар | 1 | 2 | 3 | 4 |
| Эмгек рыногундагы перспективалар | 1 | 2 | 3 | 4 |
| Лицейдеги атмосфера | 1 | 2 | 3 | 4 |
| Башка | 1 | 2 | 3 | 4 |
| Башка | 1 | 2 | 3 | 4 |

# 17. Лицейди жана кесипти тандоо тууралуу менин чечимим

**МАКСАТТАР:**

- Чечимдерди кабыл алуу процесси жана чечимдерди кабыл алуунун өзөктүү факторлору менен тааныштыруу;
- Лицей жана кесип тандоого таасирин тийгизүүчү окуучулардын мүнөздөмөлөрүнө/сапаттарына жана башка факторлорго сереп (обзор) жүргүзүү;
- Окуучуларды лицейди жана кесипти рационалдуу тандоо жүргүзүүгө даярдоо;
- Окуучуларды алардын тандоосун ата-энелери менен талкуулоого даярдоо.

**Ырааттуулук**

1. *Окуучулардын портфолиолоруна сереп (обзор)*
Окуучулар кесипке багыт берүү программасынын жүрүшүндө толтурулган өздөрүнүн жеке жумушчу формаларынын баарын даярдашат жана карап чыгышат. Бул жумушчу баракчалар, формалар окуучуларга болочок кесип жана лицей тууралуу акыркы чечимди кабыл алууда негиз болуп беришет. Кеп төмөнкү формалар тууралуу болуп жатат:

- Иш форма: "Кызыкчылыктарды аныктоо тести"
- Иш форма: "Көндүмдөр жана жөндөмдүүлүктөр дүйнөсүндө"
- Иш форма: "Баалуулуктар дүйнөсүндө"
- Иш форма: "Өзүн-өзү таануу/Мен өзүмдү кандайча көрөм" (Иш форма "Өзүн-өзү таануу")
- Иш форма: "Кесиптик талаптар, зарыл жөндөмдүүлүктөр жана ишке орношуу аймагы"
- Иш форма: "Мен каалаган кесип"
- Чыныгы жолугушууларды өткөрүү боюнча отчеттор/презентациялар
- Иш форма: "Лицейди тандоонун чен белгилери (критерийлери)"

"Лицей жана кесип тууралуу чечимди кабыл алуу" формасы менен иштөө.

Окуучулар өздөрүнүн маанилүү жеке мүнөздөмөлөрүнүн (кызыкчылыктар, жөндөмдүүлүктөр, көндүмдөр, баалуулуктар) баарын жана чыныгы жеткиликтүү варианттарды (кесиптер, лицейлер) жалпылашат.

2. *Алдын ала чечим*
Окуучулар өздөрүнүн болочок мектеби жана билим алуу программасы тууралуу сунуш ("Мектеп жана кесип тандоо тууралуу чечим" деген 1-Иш форма дагы борбордук блок) жасашат. Бул сунуш ата-энелер, консультанттар жана башка тиешелүү тараптар менен талкууланат.
3. *Менин чечимиме эмне таасирин тийгизди*
Окуучулар өздөрүнүн тандоосунун себептери тууралуу билүү үчүн "Менин чечимиме эмне таасирин тийгизди" деген 2-Иш форма менен иштешет.

**Убактысы:** 45 мүнөт

**Социалдык формасы:** Өз алдынча иштөө, топтордо иштөө, мини-лекция.

**Иштөө үчүн материалдар:**

- 1-Иш форма: "лицейди жана кесипти тандоо тууралуу чечимди кабыл алуу"
- 2-Иш форма: "Менин чечимиме эмне таасирин тийгизди?"

# 1-ИШ ФОРМА:
## ЛИЦЕЙ ЖАНА КЕСИП ТУУРАЛУУ ЧЕЧИМ КАБЫЛ АЛУУ

**МЕНИН КЫЗЫГУУЛАРЫМ**

1___________________

2___________________

3___________________

4___________________

**МЕНИН КӨНДҮМДӨРҮМ ЖАНА ЖӨНДӨМДҮҮЛҮКТӨРҮМ**

1___________________

2___________________

3___________________

4___________________

**МЕНИН БААЛУУЛУКТАРЫМ**

1___________________

2___________________

3___________________

4___________________

**МЕН КААЛАГАН ИШМЕРДҮҮЛҮК ТАРМАКТАРЫ**

1___________________

2___________________

3___________________

**МЕНИН ЧЕЧИМИМ**__________

**МЕНИН ЛИЦЕЙИМ** __________

**МЕНИН ПРОГРАММАМ**_____

**МЕНИН КЕСИБИМ**__________

**МЕНИН АТА-ЭНЕМ ЖАНА КОНСУЛЬТАНТ**

1___________________

2___________________

3___________________

**МЕН ЖАКТЫРГАН КЕСИПТЕР**

1___________________

2___________________

3___________________

**МЕН ЖАКТЫРГАН БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫ**

1___________________

2___________________

3___________________

**МЕН КААЛАГАН ЛИЦЕЙЛЕР**

1___________________

2___________________

3___________________

# 2-ИШ ФОРМА:
# МЕНИН ЧЕЧИМИМЕ ЭМНЕ ТААСИРИН ТИЙГИЗДИ?

Сиздин лицейди жана кесипти тандооңузга төмөнкү аспекттер кандай даражада таасирин тийгизгендигин көрсөтүңүз.

| Сиздин тандоого эмне таасирин тийгизди? | Ири даражада таасирин тийгизди | Кыйла таасирин тийгизди | Аз даражада таасирин тийгизди | Эч кандай таасир тийгизген эмес |
|---|---|---|---|---|
| Жөндөмдүүлүктөр | | | | |
| Кызыкчылыктар, каалоолор | | | | |
| Кийинки билим алуу тууралуу маалымат | | | | |
| Лицей практикасы | | | | |
| Ата-эне | | | | |
| Компаниядагы стажировка | | | | |
| Карьера боюнча консультанттар менен иштөө | | | | |
| Кесипке багыт берүү курсу | | | | |
| Аймактык шарттар | | | | |
| Классташтар, достор, туугандар, тааныштар | | | | |
| Мугалимдер | | | | |
| Курдаштар | | | | |
| Мектеп психологдору жана педагогдор | | | | |
| Лицейдин бедели (имиджи) жана аброю | | | | |
| Аяктагандан кийин жакшы эмгек маяна | | | | |
| Башка себептер | | | | |
| Башка себептер | | | | |

**Deutsche Gesellschaft für Internationale Zusammenarbeit (GIZ) GmbH**
**“Иш менен камсыз кылууга жана кесиптик окутууга көмөктөшүү” проектиси**

Исанов көчөсү, 96
720001, Бишкек,
Кыргызстан

Т +996 312 90 91 47
Ф +996 312 90 65 58
I www.giz-employment.kg